# МУНИЦИПАЛИТЕТ
## жана соцтапшырык

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АПРЕЛЬ **2014** | **№4 (29)** чыгарылышы

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Анна Шелестова***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Муниципалитет социалдык тапшырык аркылуу ЭМНЕ аларын билет, ал эми бейөкмөт уюмдар болсо аны КАНТИП ишке ашырса болорун билишет

**Дүйнөдө талкууланган тема**

Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырык – социалдык саясаттын чыныгы түбөлүк кыймылдаткычы . . . . . . . . . . . . . . . 2

Муниципалитет – бул КМШ өлкөлөрүндө социалдык тапшырыкты жайылтуунун негизги плацдармы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .5

Болгарияда мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ири бөлүгү коомдун керектөөлөрүн башкаларга караганда жакшы билген муниципалитеттерге өткөрүлүп берилет. . . . . . . . . . . . . . 10

**Мыйзамдагы жаңылыктар**

Мамлекеттик социалдык тапшырык тууралуу мыйзам долбооруна серепп . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14

**ПИЛОТ: Кыргызстандагы муниципалдык социалдык тапшырык**

12 пилоттук муниципалитет социалдык тапшырык үчүн артыкчылыктарды аныктап алышты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18

Муниципалитет социалдык тапшырык аркылуу ЭМНЕ аларын билет, ал эми бейөкмөт уюмдар аны КАНТИП ишке ашырса болорун билишет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21

**Барометр**

ЖӨБ органдарынын жарандык коом уюмдары (ЖКО же БӨУ) менен кызматташтыгынын деңгээли жогору болуш керек. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24

**Эмнени окуй аласыз?**

Социалдык тапшырык жөнүндө жарыялоолордун тизмеси. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32

2014-жылдын апрель айы үчүн “Муниципалитет” журналынын №29 атайын чыгарылышы социалдык тапшырыкка арналат жана Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" каржылаган “Муниципалдык социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү” Долбоорунун алкагында чыгарылды. Мындан ары журналдагы орундарды үнөмдөө максатында бул "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору" деп кыскартылып берилет.

# Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырык – социалдык саясаттын чыныгы түбөлүк кыймылдаткычы

**Андрей КРУПНИКтин «Постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө социалдык тапшырык»[1] жарыялоосундагы макалалардагы материалдар боюнча**

Муниципалдык социалдык тапшырык Кыргыз Республикасындагы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн санын жана сапатын радикалдуу түрдө жогорулатууга жол бере турган революциялык аспап болуп калууга бардык мүмкүнчүлүктөрү бар. Муниципалдык социалдык тапшырык жашоо сапатына жана адамдын өнүгүүсү үчүн шарттарга мультипликативдик таасир тийгизүүгө жөндөмдүү. Социалдык тапшырыктын артыкчылыктары ушунчалык олуттуу жана айкын болгондуктан, аны негизги механизм – улуттук да, муниципалдык да деңгээлдерде мамлекеттин бардык социалдык саясатынын кыймылдаткычы, «скелети» кылса болот жана кылыш керек.




## Социалдык программалардын даректүүлүгү, жетимдүүлүгү жана көпчүлүктүүлүгү

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу социалдык программалардын даректүүлүгүн, жетимдүүлүгүн жана көпчүлүктүүлүгүн арттырууга алып барат. Бул биринчи кезекте максаттуу социалдык пландоонун жана социалдык тапшырыкты жүзөгө ашыруунун бардык этаптарындагы коомчулук үчүн маалыматтык жетимдүүлүк менен камсыздалат: программаларды жана долбоорлорду

[1] Постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө социалдык тапшырык. Постсоветтик өлкөлөрдө социалдык тапшырык механизмдерин жайылтуу маселелери боюнча эксперттердин Эл аралык жолугушуусунун жыйынтыктары боюнча аналитикалык жана ченемдик материалдардын жыйындысы. Одесса, 2013-жылдын 25-26-ноябры / А.С.Крупниктин ред. алдында. – Одесса: «Евродрук» ЖИ, 2013. Андрей КРУПНИК – "Калктын өзүн өзү уюштуруусуна көмөктөшүү ассоциациясы" Жалпы украиналык коомдук уюмдун төрагасы, Одессадагы социалдык технологиялар коомдук институтунун директору, Украина президентине караштуу МБУА Одесса мамлекеттик башкаруунун регионалдык институтунун мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу кафедрасынын доценти, саясий илимдердин кандидаты.



демилгелөө, калыптандыруу, ишке ашыруу, айкын аткаруу, натыйжаларды баалоо. Болгондо да өткөрүлгөн сынактар жана алардын жыйынтыктары тууралуу материалдарды гана жарыялабастан, ошону менен бирге тапшырыкчы жана социалдык тапшырыкты аткаруучу менен социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчү ортосундагы маалыматтардын эркин кыймылына мүмкүнчүлүк берүү. Мындай мамиле жасалганда аткаминерлерде бул маселелерди жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүн эсепке албастан, өз кызыкчылыгында чечүүдө мүмкүнчүлүгү бир кыйла азыраак болот.

## Социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн кошумча ресурстарды тартуу

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу сөзсүз түрдө социалдык жактан маанилүү долбоорлорду ишке ашырууда коомдук ресурстарга таянычты кеңейтүүгө алып келет. Бул коммерциялык эмес уюмдардын социалдык тапшырыкты аткаруу укугуна ээ болуу үчүн өткөн сынактын шарттары менен камсыздалат. Бул шарттарга ылайык, коммерциялык эмес уюмдардын өз ресурстарын мүмкүн болушунча көбүрөөк мобилдештирүүнү жана бул заказды аткарууга жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө кошумча бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартууну караштырат.

## Социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө жаңы идеялардын, усулдардын пайда болушу

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу калктын социалдык, чыгармачыл активдүүлүгүн бир кыйла арттырат. Бул тапшырмаларды аткаруу сынактардын ачык болушу менен камсыздалат. Бул ачыктык ар бир адамга анын кызыктуу идеясы, сунушу айтылып, көңүлгө алынат деген ишенимди тартуулайт. Ошону менен бирге өз учурунда «Жарандардын бирикмелери жөнүндө» Мыйзамын кабыл алуу үчүнчү сектордун олуттуу өнүгүүсүнө алып келген сыңары, социалдык тапшырык жөнүндө мыйзамды кабыл алуу калктын чыгармачыл активдүүлүгүнүн жогорулашына дем берет.

## Аярлуу топтордун социалдык корголгондугун күчөтүү

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу калктын бардык категориясынын социалдык корголгондугун жогорулатууга эсептелген. Анткени коомчулуктун социалдык программаларды аткарууга катышуусу алардын натыйжалуулугун олуттуу жогорулатат, ал эми коомдук уюмдар жана башка коммерциялык эмес уюмдар дагы да мобилдүү жана кесипкөй болуп калмакчы. Мунун баары коомдук демилгелердин жаңы булактарын активдештирүүгө жол берет жана социалдык өз ара жардам принциптеринин негизинде калктын азыраак корголгон аярлуу катмарларына чыныгы таянычты табууга жардам берет.

## Бийликтин ишмердигине коомдук көзөмөлдү күчөтүү

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу бийлик органдарынын ишмердигине коомдук көзөмөлдү олуттуу түрдө кеңейтүүнү камсыздайт. Бул болсо социалдык тапшырык механизминин милдеттүү принциптери болуп эсептелеген ачыктык, маалымат кыймылынын максаттуу мүнөзү жана ага карата бийликтин адекваттуу реакциясынын зарылчылыгынан улам ишке ашат. Мындай көзөмөлдүн зарылчылыгы бир катар мыйзамдык актыларда да белгиленген, аны менен катар Украинанын “Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” (2004-ж.), “Калктуу конуштарды абаттоо жөнүндө” (2005-ж.), “Ички жана тышкы саясаттын негиздери жөнүндө” (2010-ж.) ж.б. мыйзамдарында да айтылат.

## Социалдык мунасага жетүү

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу социалдык өнөктөштүктүн жана коомдо социалдык мунасага жетүүнүн эң натыйжалуу түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Жергиликтүү жамааттардын социалдык көйгөйлөрүн чечүүдө КЭУ бийликтин тең укуктуу өнөктөшү болуп калууда. Коомдук сынактарга катышууга жана социалдык тапшырыктарды ишке ашырууга коммерциялык эмес уюмдарды, коомчулукту кеңири тартуу калктын калың катмарынын социалдык муктаждыктарга бөлүнүп жаткан каражаттар максатсыз пайдаланылды, коррупция жана мамлекеттик кызматчылардын протекционизми болгон деген шектенүүлөрүн жок кылат. Мунун баары жарандык коомду калыптандыруу жолунда белгилүү бир социалдык мунасага жетүүдө социалдык өз ара түшүнүшүүнү бекемдөөгө жардам берет жана акыр соңунда экономикалык, саясий жана административдик кайра түзүүлөрдү чындап жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн коомдо социалдык жана руханий плацдарм түзөт.

## Бийлик менен коом ортосундагы социалдык жоопкерчиликти шайкеш кайра бөлүштүрүү

Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу бийлик менен коом ортосундагы социалдык жоопкерчиликти дагы да шайкеш кайра бөлүштүрүүгө жеткирет. Тажрыйба көрсөткөндөй, базар экономикасында социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базарында оператордун иш-милдеттери мамлекет үчүн зарыл болуп эсептелбейт. Бул маселелерде мамлекеттин иш-милдеттери белгиленген социалдык стандарттарга ылайык, сынактын негизинде керектөөчүлөргө алардын материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, анын ичинде бекер дагы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүгө коммерциялык эмес уюмдарга жол ачкан укуктук базаны түзүүдө камтылган. Көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү чечүү милдетин биринчи кезекте коомдук, кайрымдуулук уюмдар, калктын өзүн-өзү уюштуруу органдары жана башка КЭУ аркылуу өзүнө коом алат. Социалдык тапшырык механизмин жайылтуу бул багытта чыныгы жана натыйжалуу кадам болуп эсептелет. Ал башка актуалдуу маселелерди чечүү үчүн мамлекеттин убактысын жана каражаттарын бошотот.

## Жарандык коомдун институционалдык күчтөнүүсү

Экинчи жагынан жарандык коом, КЭУ социалдык тапшырыкты алып, аны аткаруу менен толук өлчөмдө өз миссиясын ишке ашырат, коомдун өнүгүүсүнүн жана биригүүсүнүн чыныгы чордону болуп калышат. Жарандардын көзүндө алар коргоочу жана жардамчы деген абройго ээ болуп, адамга өзүнүн коомдук дараметин дагы да ыңгайлуу шарттарда ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн беришет. КЭУ өз ишмердиги үчүн саясий жана социалдык жактан жүйөлүү каржылоого ээ болот, алардын чет элдик гранттарга болгон көз карандуулугу азаят жана жалпысынан коммерциялык эмес тармакка ишеним өсөт. Бул болсо коомдун биригүүсүнө жана социалдык туруктуулукка көмөктөшөт. M

# Муниципалитет – бул КМШ өлкөлөрүндө социалдык тапшырыкты жайылтуунун негизги плацдармы

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы

**Социалдык тапшырык жарандардын социалдык жашоону уюштурууга жана жамааттын күчү менен социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө катышуусунун табигый түрү катары постсоветтик мейкиндикте пайда болду жана бекемделип келатат. Жакынкы мезгилге чейин эли мамлекет социалдык жактан коргоп, муктаж болгондордун баарына жардам берип, колун сунат деген бактылуу кыялдар менен жашап келаткан көптөгөн мамлекеттер калктын мына ушундай патерналисттик күтүүлөрдүн жагымсыз туруктуулугуна күбө болушту. Акыры жарандык коомду өнүктүрүү боюнча көп жылдан берки аракеттердин акыбети кайтып, мына ушул өлкөлөрдө социалдык маселелердин олуттуу бөлүгүн чечүүдө өзүнө жоопкерчилик алууга даяр болгон бейөкмөт уюмдардын структурасы калыптанды. Бирок кызыгы – буга ушул өлкөлөрдүн мамлекеттик башкаруу органдары даяр эмес экен... Мунун далили: Орусияда, мисалы, практика кеңири жайылганы менен, атүгүл социалдык тапшырык жөнүндө мыйзамда да жок. Мындай практиканын орун алышын демилгени өзүнө муниципалитеттер алганы менен түшүндүрсө болот: алар федералдык мыйзамдын кабыл алынышын күтпөстөн эле ушундай демилгелерди ишке ашыруу үчүн жергиликтүү нормативдик шарттарды түзүштү. Бул факт болсо, муниципалитеттер өнүктүрүү жана социалдык тапшырыкты жайылтуу процессинин локомотиви боло алат жана болуш керек дегенден кабар берет. Социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча жумушчу жолугушуунун жыйынтыгы боюнча жасалган маанилүү тыянактардын бири мына ушундай болду. Бул жолугушуу 2013-жылдын 25-26-ноябрь күндөрү Одессада постсоветтик мейкиндиктеги 9 өлкөнүн – Армениянын, Беларустун, Грузиянын, Казакстандын, Кыргыз Республикасынын, Молдованын, Орусиянын, Тажикстандын жана Украинанын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өттү. Одессадагы жолугушууга катышкан Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери айрым суроолорду жана талкуу үчүн темаларды сунуштап, алар Кыргыз Республикасында социалдык тапшырыкты өнүктүрүүгө жардам берет деп үмүттөнүшөт. Бирок чынын айтканда, азырынча даяр жоопторго караганда суроолор көбүрөөк болуп турат.**

## Тапшырыкчы ким – бийликпи же коомбу?

Социалдык тапшырыкты ишке ашырууда түрдүү өлкөлөрдүн практикасын талкуулагандан кийин жолугушуунун катышуучулары өз өлкөлөрүндөгү мыйзамдык базаларда жөнгө салынбаган, бирок бийлик үчүн да, коом үчүн да принципиалдуу мааниге ээ болгон маселелерди көтөрө башташты. Биринчи болуп, социалдык тапшырык процессинде чыныгы тапшырыкчы ким болуп эсептелет – мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан бийликпи, же коомбу деген суроо “калкып” чыкты. Натыйжада кимдин проблемасы чечилип жатат? Бийликтин отчеттуулук проблемасыбы же жамааттын чыныгы көйгөйлөрүбү? Бул өтө маанилүү суроо. Анткени ошого жараша социалдык долбоордун натыйжалуулугу өлчөнүш керек болгон критерийлер бул суроого көз каранды. Анын үстүнө долбоордун дизайны да бул суроого “байланган”.

Катышуучулардын пикири экиге бөлүндү. Бир тараптын баамында, бийлик өз иш-милдетине кирген, бирок аны өз алдынча, жетиштүү түрдө натыйжалуу ишке ашыра албаган маселелерди чечүүнү тапшырат.

## Проблеманы чечүүдө ким чыныгы тапшырыкчы?

Шаардагы райондордун биринде кыш мезгилинде өлгөн селсаяктардын саны өскөнү байкалып, мындан улам коомчулук тараптан бийликтин аракетсиздигине наразылык да пайда болгон. Райондук администрация көйгөйдү чечүүгө аракет жасады – райондун аймагында өлгөн селсаяктардын санын азайтуу үчүн социалдык тапшырыкты жайгаштырды жана мунун алкагында бейөкмөт уюм үй-жайы жокторго ысык тамак, түнөк жай жана медициналык тейлөө уюштурду. Натыйжада шаардын башка бөлүктөрүндөгү жана шаар сыртындагы селсаяктар кыш мезгилинде бул районго агылып келди жана көбүнүн өмүрүн сактап калууга мүмкүн болду. Бирок өлгөн селсаяктардын жалпы саны өстү. Суроо: райондун администрациясы бул маселени чече алдыбы?

**Андрей КРУПНИК, Украина, Одесса**

Бул болсо социалдык тапшырыкты жайгаштырууда бийликтин максаты өз көйгөйүн чечип, иш-милдетин аткаруу болсо, жарандык коом аспап катары каралып, эптеп-септеп колдоого алынат дегенди түшүндүрөт.

Мындай турумдун оппоненттери болсо маселеге башка жагынан карашат: коом өз кызыкчылыгында, өз керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, бирок жарандар үчүн маанилүү маселени гана чечпестен, ошону менен бирге бейөкмөт секторду, жарандык коом уюмдарын күчтөндүрүп, муну менен чечимдерди кабыл алууга чындап катышуу үчүн шартты камсыздап, бийликтин колу менен маселени чечип берүүнү тапшырат. Орусиядагы социалдык тапшырыкты өнүктүрүү демилгечилеринин бири Нодар ХАНАНИШВИЛИ социалдык тапшырык – бул шиш, жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусунун туу чокусу, социалдык тапшырык институтунун өзү бюджеттеги акчанын эсебинен, бирок жарандардын өз күчү менен жарандардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кызмат өтөйт деп эсептейт. Бул макаланын автору Нодардын айткандарына макул болбой коё албайт: социалдык тапшырыкты мына ушул өңүттөн чечмелөө Кыргыз Республикасында демократиянын, жарандык коомдун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүү контекстине көбүрөөк жооп берет.

Чыныгы тапшырыкчы ким болуп эсептелет деген суроо башкасы менен тыгыз байланышта – социалдык тапшырыкты ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселеси.

## Баалоо жана мониторинг: өз ара аракеттешүүнүн эки "кити"



Социалдык тапшырыкты баалоо жана ага мониторинг жүргүзүү – бул жалпысынан бардык механизмдин маанилүү жалганма бөлүгү болгону далилди талап кылбайт. Ошону менен бирге долбоорду ишке ашыруунун этабына жараша баалоо да, мониторинг да өз алдына түрдүү тапшырмаларды коёт (1-диаграмманы караңыз). Баары максаттуу топтун керектөөлөрүн баалоодон башталат. Алардын көйгөйлөрүн социалдык тапшырык аркылуу чечүү пландалууда (бул болсо Кыргызстанда Социалдык өнүктүрүү министрлигинин линиясы боюнча социалдык тапшырыкты жайгаштыруу практикасында жокко эсе).

Баалоонун экинчи бөлүгү бейөкмөт уюму сунуштаган көйгөйдү чечүү усулу канчалык максатка жетүүгө жана бюджеттик каражатты натыйжалуу пайдаланууга жол ачарын түшүнүү үчүн бейөкмөт уюму даярдаган долбоорду баалоо дегенди болжойт.

Баалоонун үчүнчү этабы – натыйжаларды баалоо – максаттар орундалдыбы жана каражаттар канчалык натыйжалуу сарпталган, социалдык тапшырыкты калыптандырган, аны мамлекеттик сатып алуулардан айырмалаган социалдык натыйжалулуктун көрсөткүчтөрү канчалык деген суроолорго жооп берет.

Баалоонун төртүнчү этабы – жыйынтыктоочу – максаттуу топтун керектөөлөрүнө долбоордун таасирин баалайт. Бул этап долбоор аяктагандан кийин бир кыйла убакыттан кийин жүзөгө ашырылат. Мында социалдык тапшырыктын суроосун же темасын жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүнүн тизмесинен чыгарып салуу соңку баалоонун натыйжасы болуп калыш керек. Долбоор ийгиликтүү ишке ашырылдыбы? Демек, маселе да чечилди!

***1-диаграмма. Социалдык тапшырыкты аткарууда мониторингдин жана баалоонун этаптары***



## Маалымат ачкычтары

БӨУну бюджеттик акчанын эсебинен социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө тартуунун формалары ортосундагы айырма постсоветтик мейкиндик үчүн маанилүү маселе бойдон кала берүүдө. Одессадагы жолугушуунун катышуучулары өз өлкөлөрүндө түрдүү системалар жана механизмдер иштеп жатканын мойнуна алышты – бейөкмөт уюмдар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү тапшырыкты жайгаштыруу, сатып алуулар жана гранттарды берүү жолу менен ишке ашырат. Анткен менен адатта мыйзамдарда процедуралык жагынан алып караганда бул формалар ортосунда так чектөө жок. Бул болсо бейөкмөт уюмга да, техникалык тапшырманын мазмуну кандай болуш керектигине баш катырган башкаруу органдарына да көйгөй жаратат. Ал статистикалык көрсөткүчтөрдү, формулировкаланган натыйжаларды, кызмат көрсөтүүнүн жана каржылоонун стандарттарын камтыш керекпи? Төмөнкүдөй тыянак пайда болууда: форманы аныктап алып, бейөкмөт уюмду социалдык кызмат көрсөтүүгө жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү процессине тартуунун механизмдерин так чектеп алуу. Мисалы, Кыргызстанда эксперттер социалдык тапшырык – бул биринчи кезекте идеялардын сынагы, алардын жардамы менен бейөкмөт уюмдар көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн стандарттык эмес, новатордук чечимдерин сунуштайт деген бүтүмгө келишти. Анткен менен дүйнөдө стандарттар боюнча көрсөтүлгөн кызматтарды алууга жана сатып алууга ваучерлер кеңири колдонулуп келет.

Техникалык тапшырманы формулировкалоо үчүн биринчи кезектеги нерсе – маалымат. Ал эми маалыматтын сапаты жана аны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү көп учурда ошол маалымат алынган булакка көз каранды болот. Одессадагы жолугушуунун эксперттери маалыматтын негизги үч булагын аташты: статистика, социология (эксперттик баалоо жана сурамжылоолор) жана максаттуу топтордун өзү (өзүн өзү баалоо).

***2-диаграмма. Социалдык тапшырыкты калыптандыруу үчүн маалымат булактары***




Мына ушул жерден төмөнкүдөй суроолор пайда болот: техникалык тапшырманы калыптандыруу процессине бирдиктүү мамилени сүрөттөсө, кодификацияласа болобу? Мисалы, маалымат булактарынын маанилүүлүгүнүн салмагын, алардын ырааттуулугун жана өз ара аракеттешүүсүн аныктаса болобу, кайсы булакты өзөктүү деп эсептеш керек? Ошону менен бирге дагы төртүнчү булак – бейөкмөт уюмдар да болгонун эсепке алыш керек. Алар бийлик органдары түзгөн артыкчылыктардын сызгычын баалап, түзөтө алышат.

## Социалдык тапшырыкты каржылык жана техникалык жактан камсыздандыруу

Социалдык тапшырыктын маңызынын өзү анын каржылык камсыздандыруусу бийликтин камкордугу, мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттер экенин айгинелейт. Бюджеттик таңсыктыктын шарттарында Кыргызстан үчүн бул кайсы булактардын эсебинен болот деген маселе актуалдуу. Буга байланыштуу бир нече пикир бар.

Биринчиден, бул негизинен тоо-кенди иштеткен компаниялардан түшкөн каражаттын эсебинен калыптанган Аймактарды өнүктүрүү фондунун каражаттары болушу мүмкүн. Бул каражаттарды жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрүн чечүү үчүн социалдык тапшырык жолу менен бөлүштүрүү жергиликтүү мамлекеттик администрациялар үчүн жакшы иш болмок. Анткени алар бүгүнкү күндө райондордун аймактарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү маселесин чечүүдө башкаруунун жаңы усулдарына байланыштуу бир кыйла тартыштыкты сезип жатат.





Экинчиден, бул эл аралык донор уюмдардын каражаттары болушу мүмкүн. Алар бүгүнкү күндө жамааттын көйгөйлөрүн чечүү боюнча бир топ автономиялык долбоорлор – туруксуз жана конъюктуралык структуралар тарабынан башкарылып жатат. Донорлордун долбоорлору башкарууга карата жаңычыл көз караштагы мамилени жайылтуу менен алектениш керек, ал эми жамааттардын демилгелерин колдоо жана гранттарды бөлүштүрүү менен башкаруу органдары, өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алектениш керек.

Үчүнчүдөн, демөөрчүлөрдүн жана камкорчулардын акчасы да булак болуп бере алат. Ал акча жамаатка түздөн-түз эмес, жергиликтүү бюджеттерге жиберилиш керек жана социалдык тапшырыктын негизинде ЖӨБ органдары тарабынан бөлүштүрүлүш керек.

Дагы төртүнчү вариант бар – калктын түрдүү топторунун өзү белгилеген төлөмдөрдү жыйноосу, же өз ара салык. Мисалы, жамаат жалгыз бой кары-картаңдарды багуу үчүн жыл сайын бюджетке акча төлөөнү чечти дейли. Мындай “карылык үчүн” салыктык эмес жыйым кандайдыр бир сумманы калыптандырат. Ал социалдык тапшырык аркылуу карылар үчүн кызмат көрсөтүүлөргө айланат. Дүйнөдө мындай тажрыйба бар. Анткен менен балким ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу толугу менен айкын жана отчеттуу болгон шарттарда мүмкүн жана натыйжалуу болмок.

Социалдык тапшырыкты ишке ашыруунун техникалык жагы да суроолорду жаратууда. Мисалы, мыйзамдардагы карама-каршылыктарды эсепке алганда, Украинанын өкүлдөрү ЖӨБ органдарынын балансына мүлктү сыйлыкка өткөрбөөнү сунушташат – алып коюушу мүмкүн. Ошондуктан Украинада сыйлыкка же социалдык тапшырыкты ишке ашыруунун алкагында алынган мүлктү бейөкмөт уюмдун менчигине өткөрүп берүү сунушталат. Ошентсе да баары жекече жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, же долбоордун мүнөзүнө жараша болот. Кыргызстан үчүн да бул суроо маанилүү: социалдык долбоор жыйынтыкталгандан кийин анын мүлкү кимдин менчигинде жана башкаруусунда калат – бейөкмөт уюмдунбу, же ЖӨБнынбы? Бул өзгөчө аны андан ары пайдалануу жана кармоо үчүн жоопкерчилик жактан алганда маанилүү. Бул жерде майда-чүйдө деген жок, атүгүл социалдык тапшырыктын натыйжаларын тартып алуу үчүн бейөкмөт уюму бюджеттик каражатка сатып алган фотоаппараттын да мындан аркы тагдырын бирөө чечиш керек.

Жабдуулардын жана инфраструктуралык инвестициялардын сакталышына карата бир вариантты колдонсо болот: мында баары муниципалдык менчик болуп эсептелет, бирок бейөкмөт уюмдараткаруучулардын карамагында кала берет. Бирок анда ЖӨБ органдары жыл сайын инвентаризация жүргүзүп, жабдууну же объектти кармоого каражат бөлүп туруш керек, ал эми бул үчүн каражат жергиликтүү бюджеттерде каралыш керек. Суроо: бул туруктуулуктун фактору болуп эсептелеби жана Кыргыз Республикасы үчүн актуалдуу болгон ченемдик негиздерге киргизилеби?

## Муниципалдык ченемдик актылар

Кыргызстан үчүн бул чөйрөдө изилдене элек жерлер көп. Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырык социалдык өнүктүрүүнүн жана жергиликтүү жамаатты колдоонун кандайдыр бир программасына формулировкаланып, калктын артыкчылыктарына негизделиш керектиги дээрлик айкын болуп турат (жана муну мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө жаңы мыйзам долбоорунун авторлору караштырууда). Бул программа үзгүлтүксүз кайра каралып чыгып, түзөтүүлөр киргизилип туруш керек, ал эми артыкчылыктуу көйгөйлөр чечилген сайын бири-бирин алмаштырып турушу шарт экени белгилүү. Анда муниципалитеттердин деңгээлинде жыл сайын кандайдыр бир ченемдик акт кабыл алынып, ал так өлчөнгөн критерийлердин негизинде ошол алмашууну белгилеп турушу керек. Башкача айтканда, бул социалдык көйгөй андан ары артыкчылыктуу деп эсептелбей кала тургандай деңгээлде чечилгенин кантип аныктаса болот деген суроо жаралат.

Ошондой эле ЖӨБ органдары үчүн социалдык тапшырыкты кызматтардын конкреттүү түрлөрүн көрсөтүү процессине жайылтуу боюнча колдонмолор, ошондой эле социалдык тапшырыкты ишке ашырууга байланыштуу ЖӨБнын кызматкерлеринин өзгөртүлгөн кызматтык көрсөтүүлөрү да маанилүү. Баса, адегенде ЖӨБ органдарынын системасында социалдык тапшырыкка карата ким кандай роль ойной турганын аныктап алган жакшы болмок. Андан ары муниципалдык ченемдик базада муниципалдык социалдык тапшырыктын аткаруучусунун жоопкерчилигинин алкактары да аныкталыш керек.

## БӨУ жок болсо, эмне кылыш керек?

Соңунда жөнөкөй, бирок маанилүү суроо: эгерде муниципалитеттин аймагында социалдык тапшырыкты аткарууга даяр жана жөндөмдүү бейөкмөт уюм болбосо, анда эмне кылыш керек? Үч жообу бар: социалдык тапшырыкты жайгаштырбаш керек, өз бейөкмөт уюмду "тарбиялап өстүрүү" зарыл, же облустан, борбордон "варягдарды" чакырса болот.

Биринчи вариант боюнча Одессадагы жолугушуу бир маанилүү жооп берди: бейөкмөт уюмдун тийиштүү дарамети болбосо да социалдык тапшырыктан эч качан баш тартпаш керек. Баш тартуу жарандардын башкарууга катышуусунун негиздерин кыйратат, ал эми ансыз чыныгы жана натыйжалуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу мүмкүн болбойт. Ал эми экинчи жана үчүнчү варианттардын ортосунда тандоо бар, бирок "калыс" жана "каршы" үчүн бир топ жүйөлөрдү келтирсе болот. Бул жүйөлөрдү жалпылаштыруу менен, мунаса табуу туура болмок: жергиликтүү БӨУну "тарбиялап өстүрүү", алардын дараметин күчтөндүрүү, анын ичинде жергиликтүү бейөкмөт уюмдарга билимдерин өткөрүп бере турган "варягдарды" чакыруу жолу да каралыш керек. Өз түйүнүнүн ичинде социалдык тапшырыкты аткаруу боюнча тажрыйбаны өркүндөтүп, жайылта турган бейөкмөт уюмдардын сектордалдык (тармактык) түйүндөрүн күчөтүү да "тарбиялап өстүрүүнүн" натыйжалуу ыкмасы боло алат. Мындай түйүндөрдүн мүчөлөрү ачык көрүнгөн секторалдык багыттуулугу жок, бирок өз аймагында кайсы бир социалдык топтун көйгөйлөрүн чечүүгө карата жогорку мотивацияга ээ болгон жергиликтүү аймактык бейөкмөт уюмдар менен ийгиликтүү консорциумдарды түзө алышат. Мисалы, балдар укугун коргоо боюнча түйүн бардык социалдык көйгөйлөр менен алектенген, бирок муну өз аймагында гана ишке ашырган чакан элеттик бейөкмөт уюмдар менен натыйжалуу консорциумду түзө алат.

## Кыргызстанда мындан аркы теориялык жана практикалык иштелмелерди талап кылган багыттар

2013-жылдын ноябрь айында Одессада өткөн эки күндүк социалдык тапшырыкка "чөгөрүүнүн" жүрүшүндө автордо Кыргыз Республикасында социалдык тапшырыкты теорияда жана практикада колдонуу жагын караштырууну талап кылган багыттар тууралуу бир нече идея пайда болду. Өнүктүрүү саясат институту өз долбоорлорунун алкагында ушул багыттардын бөлүктөрүн иштеп чыгууга киришти. Алардын айрымдары боюнча ЖӨБ органдарынын жана жарандык коомдун кеңири катышуусу, ошондой эле эл аралык донор уюмдардын жана долбоорлордун колдоосу зарыл.

- Жарандык коом уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн социалдык тапшырыкты жайгаштыруу жолу менен социалдык долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун толук циклине үйрөтүү. Үйрөтүү бардык этаптарды, ошону менен бирге маселени артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн арасынан чыгарып салууга чейинки этапты камтып, Кыргыз Республикасынын практикасынан алынган конкреттүү мисалдардын базасында түптөлүш керек.
- Муниципалдык деңгээлде социалдык долбоорлоо, анын ичинде балдар жана аярлуу топтор үчүн социалдык долбоорлоо практикасын кеңири жайылтуу.
- Милдеттүү жана кошумча деген тизмеге кирген социалдык кызматтарды көрсөтүүгө социалдык тапшырыкты жайгаштыруу мүмкүнчүлүктөрүн жана изилдөө практикасын иштеп чыгуу. Суроо: муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринде муниципалитеттин бейөкмөт уюмуна кызмат көрсөтүүнү социалдык тапшырык жолу менен өткөрүп берүү укугун бериш керекпи?
- Социалдык тапшырык практикасын талкуулоо жана жайылтуу процессине Эсеп палатасын, анын ичинде социалдык тапшырыктын натыйжалуулугуна аудитти кошуу.
- Социалдык тапшырыкты жайгаштырууда сынактык жол-жоболор үчүн социалдык долбоорду баалоонун критерийлер системасын иштеп чыгуу жана жайылтуу.
- Социалдык тапшырык боюнча муниципалдык ченемдик базаны, анын ичинде көйгөйдү чечүүнү аныктоо критерийлерин өнүктүрүү жана аны артыкчылыктуулардын тизмесинен чыгаруу, ЖӨБ органдарынын кызматкерлери үчүн кызматтык көрсөтмөлөр жана жолдомолор ж.б.
- Жергиликтүү бейөкмөт уюмдардын дараметин күчтөндүрүү үчүн секторалдык (тармактык) БӨУ ичинде социалдык тапшырыкты ишке ашыруу тажрыйбасын жайылтуу. **М**

**Бардык кызыкдар тараптарды ушул багыттарды талкуулоого жана кызматташтыкка чакырабыз!
Төмөнкү электрондук дарекке кат жазыңыз:
NDobretsova@dpi.kg**

# Болгарияда мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ири бөлүгү коомдун керектөөлөрүн башкаларга караганда жакшы билген муниципалитеттерге өткөрүлүп берилет

**"Кыргызстандагы мамлекеттик социалдык тапшырыкка анализ жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштар"[1] жарыялоосунун материалдары боюнча Лариса ЛИ даярдады**

**Мамлекеттик социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалардын ичинен Кыргызстан үчүн Болгариянын мисалы көрүнүктүү жана өзгөчө пайдалуу. Бул өлкө жакында эле соцлагердин мүчөсү болгон жана анын социалдык кызмат көрсөтүүлөр системасын реформалоо тарыхына он жылдан бир аз ашты. Ага карабастан болгарлар мындай кыска убакыт ичинде европалык мамлекеттердин бай практикасын өзүнө сиңирип алып, калктын аярлуу топторун социалдык жактан коргоо боюнча өзүнүн моделин түзө алышты.**

Болгария 28 облустан турат, ал эми алар болсо өз кезегинде жергиликтүү мааниндеги маселелерди чечүү үчүн бардык укуктарга ээ болгон 264 муниципалитетке бөлүнгөн. Коллегиалдык орган – муниципалдык кеңеш – менеджердин ролун аткарат.

Көптөгөн башка өлкөлөрдөгүдөй эле Болгариянын ЖӨБ органдары Социалдык жардам агенттигинин (биздин Социалдык өнүктүрүү министрлигинин бир түрү) атынан мамлекет менен тыгыз өз ара байланышта болуп, кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрдү аныкташат. Анткени жеринде жамааттын көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын жакшыраак билишет. Дал ушул ЖӨБ тапшырыкчы болот, ал эми Агенттиктин 28 облустук өкүлчүлүктөрү жеринде кызмат көрсөтүүлөргө зарылчылык болуп-болбогонун, ошондой эле аларга керектөөнүн көлөмүн аныкташат.

Мамлекеттик социалдык тапшырыкты (МСТ) калыптандыруу боюнча иштер узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ. Ар бир муниципалитет Социалдык жардам боюнча жергиликтүү агенттик менен биргеликте социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүнүн беш жылдык стратегиясын (СКӨС) иштеп чыгат. Бул стратегияга бардык керектөөлөр, муниципалитеттин аймагында максаттуу топторго көрсөтүлгөн кызматтардын сүрөттөлүшү, ошондой эле өнүктүрүүнү талап кылган кызмат көрсөтүүлөр да кирет.

Ушул беш жылдык пландардын жыйындысы облустук стратегияларды калыптандыруу үчүн маалымат базасы болуп берет. Жергиликтүү бийликтин мамструктуралар менен өз ара аракеттенүүсүнүн жардамы менен өкмөт тиги же бул кызмат көрсөтүүгө болгон керектөө тууралуу так элес алат, демек зарыл болгон каржылоонун көлөмүн да аныктай алат.

Белгилей кетчү нерсе, стратегиялардын структурасы бардык аймактар үчүн бирдей жана региондун социалдык-экономикалык абалына анализди (калкы, жумуштуулугу, жумушсуздук, калктын кирешеси), иштеп жаткан социалдык кызмат көрсөтүүлөргө инвентаризацияны, алар ээлеген топторду, адам, материалдык, каржылык өңдүү зарыл ресурстарды, ошондой эле региондогу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн абалы жана жетимдүүлүгү тууралуу жалпы тыянакты камтыйт.

Документ максаттарды жана тапшырмаларды камтыйт, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жаатында

[1] Кыргызстанда мамлекеттик социалдык тапшырыкка анализ жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштар. – Бишкек, 2013. Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ агенттиги (USAID) каржылаган, Биргелешип башкаруу боюнча программанын алкагында Коммерциялык эмес уюктун эл аралык борбору (ICNL) тарабынан даярдалды.

эл аралык, улуттук жана жергиликтүү саясатты эсепке алат, калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрүнө баа берет (аярлуу топтордун, тобокел топтордун жана обочодо калган жамааттардын тилигинде). Бул түрдүү ооруларга чалдыккан, психологиялык жактан жабыркаган адамдар, мекемелерде жашаган мүмкүнчүлүгү чектелүү кары адамдар, же кароого жана камкордукка муктаж жалгыз бой кары-картаңдар. Бул ошондой эле жумушсуздар, этникалык жактан обочодо калган жамааттар, бойго жете электер жана жаш үй-бүлөлөр ж.б. болушу мүмкүн.

Стратегия кызмат көрсөтүүлөргө жетимдүүлүктүн чектелүү болушунун себептерине анализди жана муктаж болгондорго жардам берүү үчүн аракеттер планын, талап кылынган адамдык жана материалдык ресурстардын көлөмүн, ошондой эле жалпы регион үчүн каржылоонун зарыл болгон көлөмүн да берет. Маанилүүсү, анда стратегияны ишке ашы-

**Көптөгөн башка өлкөлөрдөгүдөй эле Болгариянын ЖӨБ органдары Социалдык жардам агенттигинин (биздин Социалдык өнүктүрүү министрлигинин бир түрү) атынан мамлекет менен тыгыз өз ара байланышта болуп, кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрдү аныкташат. Анткени жеринде жамааттын көйгөйлөрүн жана муктаждыктарын жакшыраак билишет. Дал ушул ЖӨБ тапшырыкчы болот, ал эми Агенттиктин 28 облустук өкүлчүлүктөрү жеринде кызмат көрсөтүүлөргө зарылчылык болуп-болбогонун, ошондой эле аларга керектөөнүн көлөмүн аныкташат.**



**Болгарияда мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн болжол менен 70% муниципалитеттерге өткөрүлүп берилет. Кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы стандарттардын негизинде эсептелет, анын ичине айлык акы, кызматкерлердин маянасына салыктар жана тейлөөгө жолдонгон сумма кошулат. Муну менен профилдик министрликтер алектенет, ал эми тизме – бул муниципалитеттердин милдети. ЖӨБга жиберилген акчаны бюджеттен көрүүгө болот.**

рууда бардык кызыкдар тараптардын – социалдык жардам боюнча агенттиктин структураларынын, муниципалитеттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (КЭУ) жана жергиликтүү ишканалар менен уюмдардын жоопкерчилиги жана ролу көрсөтүлгөн.

СКӨС секторлор аралык өз ара аракеттешүүнүн механизмдерин – мамлекеттин, жеке сектордун, жарандык коомдун өнөктөштүгүн жана өз ара аракеттешүүсүн камтыйт. Кыргызстан үчүн бул тажрыйба ашыкча болмок эмес, анткени биз жолду жаңыдан гана баштап жатабыз.

Болгарияда мамлекеттик жана муниципалдык органдар калкка 933 кызмат көрсөтөт, алардын ичинен 178и МСТ механизми аркылуу коммерциялык эмес уюмдарга өткөрүлүп берилген. Мисалы, “Балдарга социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн критерийлери жана стандарттары тууралуу токтом” ушул категория үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн критерийлерин жана стандарттарын жөнгө салат, ошондой эле алардын сакталышын көзөмөлдөйт. Талаптарды мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар да, ошондой эле мамлекеттик реестрде балдарга социалдык кызматтарды көрсөтөт деп катталган бардык адамдар жана уюмдар да аткарууга милдеттүү. Критерийлерди жана стандарттарды иштеп чыгуу зарылчылыгы балдарды тарбиялоо жана алардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо үчүн коопсуз жана ишенимдүү чөйрө түзүү; балдар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жетимдүүлүгүн арттыруу муктаждыгынан улам пайда болду.

Стандарттарга ылайык, жеткирип берүүчү Жеке маалыматтарды коргоо тууралуу Мыйзамдын талаптарына ылайык, кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын эсебин жүргүзүп, көрсөтүлүп жаткан кызматтар тууралуу баланын ата-энесине (асырап алуучуга же камкорчуга) маалымат берип, баланын керектөөлөрүнө карата күн мурда жүргүзүлгөн баалоонун негизинде кызмат көрсөтүүлөрдүн планын баланын ата-энеси менен биргеликте иштеп чыгып, баланын өнүгүүсү үчүн шарттарды камсыздаш керек.

Жамааттарда социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары тууралуу айта турган болсок, 14түн ар бири 2ден 9га чейинки сапат критерийлерин камтыйт. Ар бир балага досье даярдалып, ал жакка бардык инцидент жана анын себептери, кандай жардам көрсөтүлүп, натыйжасы кандай болгону ж.б. киргизилет. Эгерде окуя кызматкерлердин айынан болсо, анда тартип бузуучуларга карата административдик чаралар сөзсүз көрсөтүлөт.

Көрүнүктүүсү, ар бир социалдык кызмат көрсөтүү боюнча каржылык стандарттар да иштелип чыккан – 1 жылдын ичинде бир адам үчүн конкреттүү кызмат көрсөтүүнүн наркы. Ага ылайык, мамлекет тиги же бул муниципалитетке канча акча керектигин аныктайт.

Каржылоо эки багыт боюнча жүрөт. Субсидиялардын олуттуу үлүшү – 90% жакыны – бул мамлекеттик бюджеттен келген каражаттар. Болгарияда мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн болжол менен 70% муниципалитеттерге өткөрүлүп берилет. Кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы стандарттардын негизинде эсептелет, анын ичине айлык акы, кызматкерлердин маянасына салыктар жана тейлөөгө жолдонгон сумма кошулат. Муну менен профилдик министрликтер алектенет, ал эми тизме – бул муниципалитеттердин милдети. ЖӨБга жиберилген акчаны бюджеттен көрүүгө болот.

Каржылоонун экинчи каналы – бюджеттик гранттар. Алар жергиликтүү бийлик көйгөйдү кантип чечиш керектигин жана буга канча каражат зарыл болгонун билбей турган учурда кызматтарды көрсөтүүгө арналган. Мындай учурда белгиленген максатка жетүү үчүн бейөкмөт уюмдар чакырылат. Андан ары жайылтуу жана практикалык жактан колдонуу үчүн эң алдынкы, инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алуу максатында бейөкмөт уюмдарды сынактар аркылуу министрликтер тандайт.

Каржылоонун экинчи ыкмасынын айырмасы – социалдык жөлөкпулдарды бенефициарлар алат, ал эми социалдык кызмат көрсөтүүлөргө акчаны улуттук бюджеттен муниципалитеттер алат. Алар өз кезегинде ага өз каражаттарын кошуп туруп жеткирип берүүчүлөргө жиберет. Каржылоонун эки булагы ЖӨБ органдарына агымды улам өзгөртүп, башкаруучулук тонусту дайыма колдоп турууга жардам берет.

Жооптуу этап – сынакты уюштуруу жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүнү тандоо. Негизгиси, сынак өтөөрү тууралуу жарыядан баштап, жеңүүчүлөр менен келишим түзгөнгө чейинки бардык учурлар так жазылып, катышуучуларга түшүнүктүү болуп, бардык жол-жоболор ачык жана айкын болуш керек.

Комиссиянын курамына 6 адам кирет. Бирок кызыгы, алардын ичинде сынакка коюлган долбоорлордун сапатын баалоого жөндөмдүү профилдик КЭУнун бир дагы өкүлү жок. Алардын ысымдары купуя сакталат жана сынак өтө турган күндүн алдында белгилүү болот.

Тендерге катышуу үчүн жеке жеткирип берүүчүлөр атайын реестрде катталып, жыл сайын

өз ишмердүүлүгү тууралуу отчет берип туруш керек. Болгарияда кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчү болуп КЭУ жана коммерциялык компаниялар гана эмес, физикалык жактар да каттала алат. Балдарга кызмат көрсөтүүлөр лицензия боюнча жүзөгө ашырылат жана мамлекет жеке жеткирип берүүчүлөрдүн иши үчүн жооп берип, алардын ишин каржылап, ошол эле кезде алардын ишмердигине жана бюджеттик каражаттарды сарптаганына көзөмөл жүргүзүп турат.

Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүнү тандоодо комиссия табыштаманын мазмунун баалоо матрицасына, талапкерлерди жана алардын сунуштарын баалоонун негизги критерийлерине көп көңүл бурат. Алар: жарыяда айтылган талаптарга шайкеш келүү, социалдык кызматтарды көрсөтүүдө тажрыйбанын болушу, жакшы аброй жана кызматкерлердин кесипкөй квалификациясы, каржылык камсыздандыруу ж.б. Алууга мүмкүн болгон максималдуу баа – 100 балл. Мындай матрица бардыгы үчүн милдеттүү. Анткен менен кээде ЖӨБ башчылары өз аймагында иштеген коммерциялык эмес уюмдарга жан тартуу менен, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчү жергиликтүү болуш керек деген пунктту киргизип коюшат.

Эгерде муниципалитеттин аймагында кызмат көрсөтүүнү мамлекеттик жеткирип берүүчү ишке ашырбаса, анда муниципалитет күн мурда белгилүү болгон наркын айтып, конкреттүү кызмат көрсөтүүгө сынак жарыялайт. Тапшырык же жеткирип берүүчүлөр ортосунда сынакты өткөргөндөн кийин, же болбосо эгерде бир гана талапкер болсо, макулдашууга жетишкен соң жайгаштырылат.

Көңүл бурчу нерсе, социалдык кызматтарды көрсөтүүнү пландоо Социалдык коргоо министрлигинин болжолдуу көрсөткүчтөрүнө эмес, муниципалитеттин деңгээлинде аныкталган чыныгы көрсөткүчтөргө таянат. Ал эми регионду каржылоо ошол жакта ишке ашыруу пландалып жаткан мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөргө негизделет.

Мониторинг жөнүндө азыноолак сөз. Тапшырыкчылар акчанын сарпталышына да, көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатына да көңүл бурушат. Бизде адатта каражат эмнеге сарпталганын сурашат, ал эми сапат экинчи орунга түшүп калат. Болгарияда эгерде каржылоо жергиликтүү бюджеттен гана жүрсө, анда Социалдык жардам агенттиги кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын гана көзөмөлдөйт. Эгерде улуттук бюджеттен болсо, анда агенттик сапатты да, акчаны да көзөмөлдөйт.

**Көңүл бурчу нерсе, социалдык кызматтарды көрсөтүүнү пландоо Социалдык коргоо министрлигинин болжолдуу көрсөткүчтөрүнө эмес, муниципалитеттин деңгээлинде аныкталган чыныгы көрсөткүчтөргө таянат.**

**Эрежеге ылайык, жеткирип берүүчүлөр менен келишимдер бир нече жылга түзүлөт. Мисалы, беш жылга. Анткени мамлекет узак мөөнөттүү салымдарга кызыкдар. Бул өз ишмердигин пландоо, келечек жөнүндө ойлонуп, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон уюмдар үчүн да пайдалуу. Коммерциялык эмес уюм жылдын соңуна чейин учурдагы бюджеттен келген акчаны коротушу керек болсо да, ал кийинки төлөмдү келаткан жылдын январында алаарын билет.**

Муниципалитеттин мамбюджеттен келген акчаны сарптаганына Каржы министрлиги жана Эсеп палатасы көз салып турат. Жеткирип берүүчүлөргө көзөмөл андан да күчтүү болот. Алар мамлекеттик каражатты кантип коротуп жатканына ЖӨБ органдары, Социалдык жардам боюнча агенттик, салыкчылар, эмгек боюнча инспекция жана башка структуралар көз салат.

Көрсөтүлгөн кызматтардын стандарттарга жана критерийлерге жооп берип-бербегени үчүн коммерциялык эмес уюмдар-жеткирип берүүчүлөр муниципалитеттин, Социалдык жардам боюнча агенттиктин, ошондой эле Балдарды коргоо боюнча мамагенттиктин жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын алдында жооп беришет.

Эгерде алар тараптан доомат болуп, жеткирип берүүчү катасын оңдосо, ал кызмат көрсөтүү иштерин уланта берет. Эгерде кемчиликтерди жоюуга кеч болуп калса, же уюм муну жасоодон баш тартса, келишим үзүлөт. Ошону менен бирге эгерде кызмат көрсөтүүлөрдүн колдонуучусу балдар болсо, анда жеткирип берүүчү такыр эле лицензиясынан ажырап калышы мүмкүн.

Эрежеге ылайык, жеткирип берүүчүлөр менен келишимдер бир нече жылга түзүлөт. Мисалы, беш жылга. Анткени мамлекет узак мөөнөттүү салымдарга кызыкдар. Бул өз ишмердигин пландоо, келечек жөнүндө ойлонуп, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон уюмдар үчүн да пайдалуу. Коммерциялык эмес уюм жылдын соңуна чейин учурдагы бюджеттен келген акчаны коротушу керек болсо да, ал кийинки төлөмдү келаткан жылдын январында алаарын билет. Бул тажрыйба Кыргызстан үчүн өтө баалуу. Анткени ал Болгарияда өкмөттүн бардык структуралары, өзгөчө Каржы министрлиги жана Соцкоргоо министрлиги коомдун социалдык коргоого болгон муктаждыктарын жана керектөөлөрүн жакшы баамдоо менен бул багытта муниципалитеттер менен тыгыз байланышта иштеп жатканын көрсөтүп турат. M

# Мамлекеттик социалдык тапшырык тууралуу мыйзам долбооруна сереп

**Бекболот БЕКИЕВ,**
**Өнүктүрүү саясат институтунун эксперти**

**2008-жылдын 21-июлунда “Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө” КР Мыйзамы кабыл алынган. Аталган мыйзам алгачкы жолу мамлекеттик социалдык тапшырыкты (МСТ) социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн жана соицалдык кызматтарды көрсөтүүнүн жаңы аспабы катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырды. Бул социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү жана калкка көрсөтүлгөн социалдык кызматтардын сапатын жакшыртуу үчүн бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттик каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугун арттыруу максатында жасалган эле. 6 жылдын ичинде бул мыйзам социалдык тапшырыкты натыйжалуу колдонуу үчүн жетиштүү база боло албай жатканы айкын болду. Ошондуктан жаңы мыйзамды иштеп чыгуу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги жумушчу топ түзүп, ага Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү да кирди. Социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн аталган жаңы аспаптын маңызы эмнеде?**

## Жаңы мыйзамдын зарылчылыгы эмнеден улам чыкты?

Мурда социалдык көйгөйлөрдү мамлекет чеччү жана коомдук пайдалуу максаттарга мамлекеттик социалдык мекемелерди түзүү өңдүү советтик мезгилдерде колдонулуп келген салттуу жолдор менен гана жетчү (болгон персонал, тиешелүү жайлар, мамлекеттик бюджеттен туруктуу каржылоо ж.б.). Өлкөдө социалдык саясий түзүлүш өзгөрүп, базар экономикасына өтүү менен адамдардын жашоо шарты жана деңгээли да кошо өзгөрдү. Жаңы социалдык көйгөйлөр жана тобокелдиктер пайда болду, ар кандай себептер менен эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон жана оор турмуштук кырдаалда калган, социалдык тейлөөгө жана жардамга муктаж болгон адамдардын саны өстү. Бул социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн базар шарттарында натыйжалуу иштеп кете ала турган, ошол убакыттын ичинде калыптанып калган жеке мамлекеттик эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес секторду кеңири түйүнүн жана алардын ресурстарын тартуу менен, жаңы мамлекеттик аспаптар талап кылынды. Мамлекеттик социалдык тапшырык калкты социалдык жактан тейлөөнүн учурда иштеп жаткан системасына кошумча болуп эсептелет. Ал эми айрым учурларда, ал натыйжалуу болгондо, атүгүл аны алмаштыра да алат. Мамлекетте башка жолдор менен, мамлекеттик мекемелерди түзбөстөн, сынактын негизинде калк үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеке юридикалык жактардан жана жеке ишкерлерден сатып алуу аркылуу социалдык көйгөйлөрдү чечүү, ошондой эле гранттарды берүү жолу менен коммерциялык эмес уюмдардын коомдук пайдалуу долбоорлорун каржылоо мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Белгилей кетчү жагдай, МСТ бир топ узак убакыттан бери өнүккөн өлкөлөрдө бир кыйла ийгиликтүү колдонулуп келатат. КМШ аймагында МСТны 2004-жылдан тарта Орусия, Казакстан, Украина, Молдова, Грузия жана айрым бир башка өлкөлөр жайылта баштады. Мисалы, Казакстанда МСТ жөнүндө Мыйзам 2005-жылы кабыл алынган жана учурда бул өлкөдө МСТ механизми өтө кеңири колдонулуп келатат – жыл сайын МСТны каржылоого болжол менен 30 млн. АКШ долларына барабар сумма бөлүнөт. Алардын ичинен болжол менен 20 млн. АКШ доллары республикалык бюджеттен, ал эми 10 млн. АКШ доллары жергиликтүү бюджеттерден бөлүнөт.

Учурда КМШ өлкөлөрүндө МСТ системасын өркүндөтүү боюнча активдүү тажрыйба алмашуу жүрүп жатат: Казакстан менен Грузия Кыргызстандан жана Украинадан коомдук пайдалуу долбоорлорго бөлүнгөн гранттар системасын өздөштүрсө, өз кезегинде Кыргызстан Казакстан менен Грузиядан мамлекеттик сатып алуулар механизми аркылуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу тажрыйбасын үйрөнүүдө. КМШнын айрым өлкөлөрү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу механизмин ваучерлер (талондор) аркылуу жайылта баштады.

Биздин өлкөдө “Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2008-жылы эле кабыл алынганына жана

МСТны дээрлик бир топ чөйрөлөрдө ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү болгонуна карабастан ушул тапта мыйзамды бир гана мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги (СӨМ) ишке ашырып келатат. Аталган министрликке 2013-жылы МСТны ишке ашыруу үчүн 13,9 млн. сом (же болжол менен 265 миң АКШ доллары) бөлүнгөн. Бул болсо Казакстанда МСТны каржылоо үчүн бөлүнгөн суммадан 100 эсе аз. Тилекке каршы калган министрликтер жана ведомстволор ушул тапта социалдык чөйрөдөгү алардын алдында турган тапшырмаларды аткаруу үчүн МСТны колдонушпайт. ЖӨБ органдары болсо жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттын чектелүү болгонунан улам МСТны ишке ашыра албай келишет.

Ошону менен бирге МСТ жөнүндө колдонуудагы мыйзамдарга жасалган анализ аларда мамлекеттик социалдык тапшырыкты толук кандуу жана натыйжалуу колдонууга жолтоо болгон бир катар кемчиликтери болгонун көрсөттү. Аны менен катар МСТ менен мамлекеттик сатып алуулар ортосундагы так чектөө жок, МСТ аркылуу каржылоо үчүн калктын социалдык муктаждыктарын аныктоо механизми талапка жооп бербейт; сынактык комиссияга табыштамаларды жана башка документтерди берүүнүн жолу сынактын катышуучулары үчүн ыңгайсыз; сынактын катышуучуларынын долбоордук сунуштарын баалоонун тартиби татаал жана ачык-айкын эмес; МСТны ишке ашыруу тууралуу келишимдин шарттарына талаптар жетишсиз ж.б.

Буга байланыштуу КР Социалдык өнүгүү министрлигинин 2013-жылдын 19-декабрындагы №206 буйругу менен жумушчу топ түзүлүп, ал “Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө” КР Мыйзамынын жаңы редакциясын (мындан ары – мыйзам долбоору) иштеп чыкты.

## Жаңы мыйзам долбоорунун айырмасы эмнеде?

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасында МСТ системасында аныкталган кемчиликтерди жоюу жана бул системаны өркүндөтүү максатында иштелип чыкты. Эгерде бул мыйзам долбоору кабыл алынып калса, өлкөдө социалдык жактан маанилүү маселелерди чечүү жана МСТны колдонуунун жардамы менен инновациялык, чыгармачыл идеяларды ишке ашыруу үчүн укуктук база олуттуу түрдө жакшыртылат. Кыргыз Республикасында МСТ системасы дагы да ачык-айкын, адилеттүү, түшүнүктүү жана натыйжалуу болуп калмакчы.

Мыйзам долбоору мыкты делген дүйнөлүк практиканы эсепке алуу менен иштелип чыкты. Анда учурдагы МСТ системасындагы жогоруда айтылган кемчиликтер жоюлду, ошондой эле бул системанын айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы механизмдер сунушталды. Ошону менен катар мыйзам долбоору МСТны ишке ашыруунун үч формасын караштырат:



**1)** социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар;

**2)** коомдук пайдалуу долбоорлорго мамлекеттик каржылоо;

**3)** муктаж болгон жарандарга социалдык талондорду (ваучерлерди) берүү аркылуу социалдык кызматтарды көрсөтүү.

Мыйзам долбоору кабыл алынган учурда мамлекеттик жана муниципалдык органдар социалдык кызматтарды көрсөтүү, социалдык көйгөйлөрдү чечүү же коомдук-пайдалуу максаттарга жетүү үчүн МСТнын кайсы формасы социалдык маселени дагы да натыйжалуу чечип, сапаттуу кызмат көрсөтө алат деген принциптен улам тийиштүү форманы тандап алуу укугуна ээ болот.

Мыйзам долбооруна ылайык, "социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар" формасы комплекстүү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу үчүн колдонулат (мисалы, саламаттыгы жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн күндүзгү борборлорду түзүү, же жарандардын муктаж болгон категориясына медициналык кызматтарды көрсөтүү үчүн күндүзгү стационарларды түзүү ж.б.). Бул учурда мамлекеттик тапшырыкчы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучуларга жеткирүү зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүнөн кабардар болот жана алар боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык иштелип чыккан жана бекитилген стандарттар да болот. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулардын өзү болсо мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте жүзөгө ашырылмакчы.

"Коомдук пайдалуу долбоорлорду мамлекеттик каржылоо" формасы алдыга коюлган социалдык максаттар белгилүү, бирок аларга жетүүнүн жолдору белгисиз болгон учурларда, же коммерциялык эмес уюмдардын натыйжалуу, инновациялык идеяларын алуу үчүн колдонулат. Бул үчүн мамлекеттик тапшырыкчы коммерциялык эмес уюмдар арасында сынак жарыялайт. Алар болсо өзүнүн долбоордук табыштамаларында бул максаттарга жетүүнүн жолдорун сунуштайт. Сынактын жеңүүчүсү деп көрсөтүлгөн максаттарга жетүүнүн эң мыкты жолдорун сунуштай алган коммерциялык эмес уюмдар табылат. Мамлекеттик тапшырыкчы жеңүүчүлөргө алар сунуштаган коомдук-пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу үчүн гранттарды берет.

МСТны ишке ашыруунун жаңы формасы "социалдык талондорду (ваучерлерди) берүү жолу менен социалдык кызматтарды көрсөтүү" болуп эсептелет. МСТны ишке ашыруунун аталган формасы жарандардын муктаж болгон категориялары үчүн жалпыга жайылган жөнөкөй социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу үчүн колдонулат (мисалы, жалгыз жашаган, кары, муктаж жарандар үчүн чач тарачтын, мончолордун кызмат көрсөтүүлөрү, аларга тамак-аш жеткирүү; же башка мисал, саламаттыгынан улам мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга массаж жасоо ж.б.). Бул болсо туруктуу негизде белгиленген тартипке ылайык аталган кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөрдүн кеңири түйүнү болгон учурда ишке ашат. Бул формага ылайык: (1) мамлекеттик тапшырыкчы сатып алына турган кызмат көрсөтүү тууралуу ММКга жарыя берет (мисалы, жалгыз жашаган, кары, муктаж жарандар үчүн чач тарачтын кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу тууралуу). (2) андан соң мындай кызматты көрсөткөн, бул долбоорго катышууну каалаган жана белгиленген талаптарга жооп берген юридикалык жактар жана жеке ишкерлер мамлекеттик тапшырыкчыдан каттоодон өтөт, (3) ошондон кийин мамлекеттик тапшырыкчы жалгыз жашаган, кары, муктаж жарандарга ушул кызмат көрсөтүүлөрдү алыш үчүн социалдык талондорду берет жана социалдык талон менен кошо бул кызматты көрсөткөн юридикалык жактын жана жеке ишкерлердин тизмесин (алардын дарегин көрсөтүү менен) берет, (4) андан ары социалдык талонду алган жаран кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнү өзү тандап алат, ага социалдык талонду берет жана социалдык кызмат көрсөтүүнү колдоно алат, (5) ар бир айдын соңунда мамлекеттик тапшырыкчы жеткирип берүүчүлөргө социалдык кызмат көрсөткөнү үчүн социалдык талондордун наркын кайтарып берет. Бүгүнкү күндө Бишкек шаарынын мэриясы "социалдык талондун жардамы менен социалдык кызматтарды көрсөтүү" формасын колдонуп жатат. МСТнын аталган формасын колдонуу мүмкүнчүлүгү Бишкек ш. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынган. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында социалдык талондор аркылуу социалдык кызматтарды көрсөтүүнү жөнгө салуунун ченемдик укуктук негиздери жок. Эгерде мыйзам долбоору кабыл алынса, муну менен мыйзамдык актылардагы боштуктун орду толот жана бул механизмди башка жерлерде да колдоно башташат.

Мамлекеттик жана муниципалдык органдар кандайча МСТны ишке ашырышат? Алар баарын кайсы документтерде пландап, МСТны караштырыш керек?

Мыйзам долбооруна ылайык, МСТны ишке ашырууну пландаган мамлекеттик орган же ЖӨБ органы МСТ программасынын долбоорун иштеп чыгыш керек. МСТ программасынын иштөө мөөнөтү 1 жылдан 5 жылга чейин болушу мүмкүн. МСТны ишке ашырууда өзөктүү көйгөйлөрдүн бири калктын социалдык кызма көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктоо болуп эсептелет. МСТ аркылуу ишке ашырууга боло турган калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктоо үчүн мыйзам долбоору изилдөө жүргүзүүнү караштырган. Аны көз карандысыз адистердин жана эксперттердин катышуусу менен жүргүзсө болот. МСТ программасынын долбоору калктын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоо боюнча өткөрүлгөн изилдөөнүн натыйжаларын, ошондой эле тийиштүү мамлекеттик органга же МСТ органына караштуу түзүлгөн социалдык көйгөйлөрдүн жана коомдук-пайдалуу максаттардын маалымат базасына

**Нодар ХАНАНИШВИЛИ:**
**«Ченемдик укуктук нормалар социалдык тапшырыкты ишке ашырууда бардык көйгөйлөрдү, суроолорду жана аспекттерди чечет деген таттуу кыялдан арылыш керек. Маанилүүсү, инновациялардын статусунун укуктук жактан бекитилиши, тажрыйба менен прецеденттик жыйындысына таянуу».**

түшкөн жарандардын жана уюмдардын сунуштарын эсепке алуу менен иштелип чыгат.

Мындан тышкары мыйзам долбоору МСТ программасынын долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүүгө милдеттендирет. МСТ программасынын долбоору угууларга 15 күн калганда мамлекеттик органдын же ЖӨБ органынын расмий сайтында жайгаштырылыш керек. Расмий сайт болбогон учурда тийиштүү бийлик органынын маалымат тактасында (стендде) жайгаштырылууга тийиш. Каалаган кызыкдар адамдар өз сунуштарын жана кошумчаларын киргизүүгө укуктуу, аларды МСТны демилгелеп чыккан тийиштүү бийлик органдары каттайт жана карап чыгат.

Ошентип мыйзам долбоорунда мамлекеттик жана муниципалдык органдарды жарандардын керектөөлөрүн аныктоого жана биринчи кезекте социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн алуучулары чечилишине муктаж болгон артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрдү чечүү максатында МСТ программасын иштеп чыгууда аларды эсепке алууга милдеттендирген талаптар жана механизмдер каралган.

МСТны ишке ашырууну каржылоо булактары болуп республикалык жана жергиликтүү бюджеттер кала берүүдө. МСТны ишке ашырууга республикалык бюджеттен каражаттар жыл сайын, ал эми жергиликтүү бюджетте ЖӨБ органдарында тийиштүү каражат болгон учурда каралыш керек.

МСТны каржылоо үчүн каражат каралган тийиштүү жылга бюджетти бекиткенден кийин мамлекеттик орган же ЖӨБ органы МСТ программасын ишке ашыруу Планын иштеп чыгып, аны бекитиш керек.

Колдонуудагы мыйзамдан айырмаланып, мыйзам долбоорунда МСТны ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн каражаттын 10 пайызына чейини МСТны ишке ашыруу боюнча уюштуруучулук чыгашаларга колдонулса болот (өзүнүн расмий сайтында МСТ боюнча баракчаны кароого жана жаңылап турууга; МСТ боюнча сынактар тууралуу жарыяларды ММКда жайгаштырууга; эксперттердин эмгеги үчүн берүүгө; коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн сапарларга жол чыгашаларын төлөөгө; жарандык коомдон гранттык комиссиянын мүчөлөрүнүн жол чыгашаларын төлөп берүүгө жана башка МСТны уюштуруу үчүн зарыл болгон чыгашалар).

МСТны каржылоо үчүн каражат каралган тийиштүү жылга бюджетти бекиткенден кийин мамлекеттик орган же ЖӨБ органы МСТ программасын ишке ашыруу Планын иштеп чыгып, аны бекитиш керек. Ал планда МСТны анын ар бир формасы боюнча ишке ашыруунун тартиби, МСТ ишке ашырыла турган аймак, кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуучулардын чөйрөсү, МСТны аткаруучулардын категориясы, бюджеттик каражаттардын жалпы көлөмү жана МСТны ар бир формасы боюнча ишке ашыруу үчүн каражаттын көлөмү, ошондой эле уюштуруучулук чыгашалардын ордун толуктоого арналган каражаттар. МСТны ишке ашыруу ишин өткөрүп берген учурда МСТ программасын ишке ашыруу боюнча Планда өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн ЖӨБ органдарына бериле турган каражаттар каралыш керек.

Иш жүзүндө колдонуудагы “Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө” КР Мыйзамы боюнча сынактык комиссияны түзүүгө, өзгөчө сынактык комиссиянын сандык курамы, жарандык коомдон гранттык комиссиянын мүчөлүгүнө талапкерлер жана сынактык комиссиянын ыйгарым укугунун мөөнөтү боюнча бир топ суроолор пайда болгон. Мыйзам долбоорунда жогоруда айтылган кемчиликтерди колдонуудагы мыйзамдан алып салуу сунушталат. Ошону менен катар сынактык комиссиянын курамын 10 мүчө – мамлекеттик тапшырыкчыдан жана жарандык сектордон 5 өкүлдөн – деп бекитүү сунушталды. Жарандык сектордун өкүлдөрүн көрсөтүлгөн талапкерлер боюнча рейтингдик добуш берүүнүн натыйжасы боюнча жарандык сектордун өзү тандап алат. Бул процесске мамлекеттик тапшырыкчы кийлигишүүгө албайт. Ошол эле кезде жарандык сектор өз талапкерлерин көрсөтө албаганда, же комиссияны калыптандыруу жана МСТны ишке ашырууну камсыздоо үчүн зарыл болгон сан жетишсиз болгондо мамлекеттик тапшырыкчыга жарандык коомдон өкүлдөрдү түз чакыруу укугу берилет. Мыйзам долбоорунда комиссиялардын ыйгарым укугунун мөөнөтүн 2 жыл деп аныктоо сунушталат. Бул болсо комиссиянын ишинде кандайдыр бир туруктуулукту камсыздайт.

* * *

Учурда мыйзам долбоору талкууга коюлду. Социалдык тапшырык механизмди ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын чоң ролун эске алып, кызыкдар жактарга өз комментарийлерин жана сунуштарын Өнүктүрүү саясат институтуна жиберүүнү сунуштайбыз (дарегибиз журналдын мукабасында көрсөтүлгөн). Институт бардык суроолорду жана комментарийлерди жумушчу топко өткөрүп берет. M

# 12 пилоттук муниципалитет социалдык тапшырык үчүн артыкчылыктарды аныктап алышты

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
**Өнүктүрүү саясат институту**

**2013-жылдын ичинде Өнүктүрүү саясат институту Кыргыз Республикасындагы 12 муниципалитет менен жамааттын социалдык көйгөйлөрүн чечүүнүн жаңы механизмдерин – муниципалдык социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча иш алып барды. Муниципалдык социалдык тапшырык ЖӨБ органдарына социалдык көйгөйлөрдү чечүүнү жергиликтүү бюджеттен каржылоого жардам берет. Бирок аларды чечүү боюнча иштер жарандык коом уюмдарынын күчү менен аткарылат. Бул социалдык көйгөйлөрдү башкаруу органдары эмес (бул, мисалы, Социалдык өнүктүрүү министрлиги формулировкалаган мамлекеттик социалдык тапшырыкка карата болуп келгендей), колдоого муктаж болгон социалдык топтордун өздөрү формулировкалайт. Долбоордун биринчи этабы жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрүн аныктап алуу болду. Муну ЖӨБ органдары социалдык тапшырыктын жардамы менен чече алмак. Иштер Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" ("МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору") каржылаган “Муниципалдык социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү” Долбоорунун алкагында жүргүзүлдү.**

## Муниципалдык социалдык тапшырыкка кириш

12 пилоттук муниципалитет үчүн муниципалдык тапшырыкка кириш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жамааттар жана жарандык коом уюмдары менен ориентациялык жолугушуулардан башталды. Бул жолугушууларга 300дөн кем эмес киши катышты. Бул жолугушуулар муниципалитеттерде социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө болгон муктаждык өтө жогору экенин көрсөттү. Ошону менен бирге бир катар муниципалитеттерде ушундай маселелерди чечүү үчүн канааттандырарлык дараметке ээ болгон бейөкмөт уюмдардын саны жетиштүү. Алгачкы жолугушуулардын маалында айрым ЖӨБ органдары (өзгөчө шаарларда) долбоордун маңызын түшүнгөнүн жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө жарандык коом менен кызматташтыкка даярдыгын көрсөтүштү. Ошол эле учурда ЖӨБ органдары чечим кабыл алууда жарандардын ыктымал катышуусуна, социалдык маселелерди чечүүдө жарандык коом менен өнөктөш катары диалог түзүүгө жетиштүү көңүл салбаган муниципалитеттер да бар.

Социалдык тапшырыктын негиздери менен таанышып чыккандан кийин ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана жетекчилери элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА) боюнча иш-чаралардын комплексин кантип өткөрсө боло турганын үйрөнүштү. Тренинг учурунда жана элет тургундарынын көйгөйлөрүн биргелешип аныктоодо биринчи кадамдар жасалган маалда социалдык чөйрөдөгү артыкчылыктар гана аныкталган жок. Ошондой эле жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдары ортосундагы мамилелерде, жарандык коомдун ичинде, ЖӨБнын аткаруу жана өкүлчүлүктүү органдары ортосунда, калкка мамле-



## Юристтер муниципалдык социалдык тапшырыктын өнүгүүсүнө бут тоскон терс көрүнүштөр тууралуу

*Учурдагы ченемдик укуктук база муниципалитеттерге Конституциянын, үч мыйзамдын[1], өкмөттүн төрт токтомунун жана Социалдык өнүктүрүү министрлигинин үч буйругунун негизинде муниципалдык тапшырык механизмин колдонууга жол берет. Ошол эле учурда бүгүнкү күнгө чейин муниципалдык социалдык тапшырык практикасы иштебей келген жана мыйзамдарга, мыйзам алдындагы актыларга жасалган анализдин жүрүшүндө төмөнкүдөй негизги көйгөйлөр аныкталды.*

*"Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө" КР Мыйзамы жалпы принциптерди, социалдык программаларды ишке ашыруу максатында мамлекеттик социалдык тапшырыктарды калыптандыруунун, жайгаштыруунун жана аткаруунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин жөнгө салат. Башкача айтканда, жалпы мүнөзгө ээ жана дайыма эле анын нормалары мамлекеттик социалдык тапшырыктын маселелерин жөнгө салууда маанилеш боло бербейт. Аны менен катар аталган Мыйзамдын 5-беренесинде МСТ ишке ашыруу чөйрөлөрү каралган, алар бир топ кеңири формулировкаланган. Мыйзамдын ушул нормаларынан улам социалдык чөйрөдө тиги же бул долбоор мамлекеттик социалдык тапшырыкка кирип-кирбегенин аныктоо татаал.*

*Калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүндө аталган Мыйзамдын нормаларын өнүктүрүү максатында кабыл алынган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын акттары негизинен мамлекеттик (республикалык) органдардын ишмердигине тиешелүү. Аны менен катар КР Калкты социалдык жактан коргоо боюнча министрлигинин 2011-жылдын 30-июнундагы №127 буйругу менен бекитилген МСТ аткарууга келишимдин үлгүсү мамлекеттик органдарга гана тиешелүү. Эрежеге ылайык, иш жүзүндө МСТ ишке ашыруу менен Социалдык өнүктүрүү министрлиги гана алектенип келет.*

*Мамлекеттик социалдык тапшырык боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кандайдыр бир ченемдик укуктук акттары жок.*

*Мыйзамдарда "Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө" жана "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамдарынын аракеттенүү предметин чектөөгө жол берген так нормалар камтылган эмес.*

*Мыйзамдарда "мамлекеттик социалдык тапшырык" ("Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө" КР Мыйзамынын 1-беренеси) жана "муниципалдык тапшырык" деген түшүнүктөр бар. Алар өз маңызы жана багыты боюнча жарым-жартылай шайкеш келишет, бирок ошондой эле белгилүү бир айырмачылыктары да бар. Бул эки түшүнүк бири-бири менен үндөшпөй турат.*

*МСТ жөнүндө мыйзамдарда МСТ механизми аркылуу каржылоо үчүн калкка зарыл болгон артыкчылыктуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоонун натыйжалуу механизми жок. Бул болсо калктын/ адамдар тобунун пикирин жана муктаждыктарын эсепке алууга жол бермек.*

*Сынактык комиссиянын мүчөлөрүн тандап алуу механизми өркүндөтүлгөн эмес. "Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, сынактык комиссиянын мүчөлөрүн тандап алууну тапшырыкчы жүзөгө ашырат (10-берене). Сынактык комиссиянын курамын калыптандыруунун жол-жоболору айкын эмес бойдон калууда, тандап алуунун анык критерийлери жок.*

*Катышуучулардын уюмдаштыруу документтерин эки тилде же эки нускада берүү процесси да түйшүктүү болуп, кымбатка турууда. Мунун баары сынакка катышуу үчүн документтерди берүү процессин сынактын катышуучулары (КЭУ/БӨУ) үчүн кымбат жана түйшүктүү кылууда.*

*Мыйзам сынактык комиссиянын иш тартибин, добуш берүүнүн жол-жоболорун, сынактын жеңүүчүлөрүн тандап алуунун критерийлерин ж.б. белгилеген нормаларды камтыбайт.*

*МСТ негизинде, жергиликтүү деңгээлде, жергиликтүү бюджеттеги каражаттан каржыланган кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына мониторинг өткөрүүнүн тартибин караштырган ченемдик укуктук актылар жок.*

*Ошондой эле мыйзамдарда жергиликтүү деңгээлде социалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн мамлекеттик социалдык тапшырыкты колдонууну татаалдаштырган башка боштуктар жана кемчиликтер да бар.*

---

[1] "Мамлекетик социалдык тапшырык жөнүндө" КР Мыйзамы, "Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Мыйзам; "Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө" Мыйзам.

кеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөткөн башка структуралар ортосундагы мамилелерде да көптөгөн "көйгөйлүү зоналар" аныкталды. Бирок айрым учурларда өз ара жактырбоо орун алганы менен, конфликттик дарамети жогору маселелерди талкуулоодо долбоордук иш-чаралардын катышуучулары мунаса таап жатышты. Башталган диалог биринчи кезекте анын катышуучуларына эки тарап тең, мында жергиликтүү жамаат – коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар жана ЖӨБнын өкүлчүлүктүү органдары – жеткирип берүүчүлөр, өзгөрүүлөргө даяр болгонун, жерлеринде кырдаалды жакшы жагына өзгөртүүгө өз салымын кошууга жөндөмдүү экенин далилдеди.

## Муниципалдык социалдык тапшырык үчүн артыкчылыктуу темалар бар!

Долбоор менен кызматташуунун алкагында ар бир муниципалитет ЖӨБ чөйрөсүндөгү көптөгөн эксперттердин Кыргызстанда ар бир муниципалитет уникалдуу деген пикирин дагы бир жолу ырасташты. Активдүүлүктүн, билимдин, дараметтин, ЖӨБ органдары (аткаруучулар жана кеңештер) тарабынан саясий эрктин деңгээли ар башка. Жергиликтүү жамааттар да жалпысынан, анын ичинде жарандык коом уюмдары да өзүн ар башка көрсөтүүдө. Бирок ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттар алпурушуп келаткан көйгөйлөр адатта окшош.

2013-жылдын соңунда 12 пилоттук муниципалитетте ЖӨБ органдары өз алдынча ЭКБА-сессияларын өткөрүп, активисттер менен биргелешип социалдык мүнөздөгү жергиликтүү көйгөйлөрдү аныктап, артыкчылыктуусун тандашты, аныкталган артыкчылыктардын себептик байланышын аныктоо боюнча фокус-топторду калыптандырып, процесске тартылган бардык жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн социалдык чөйрөдөгү көйгөйлөр кантип чечилиш керектиги тууралуу ой-пикирлерин чогултушту. Шаарларда жана аймактарда ЭКБА-иш-чараларынын активдүү катышуучуларынын ичинен "тематикалык" жумушчу топтор түзүлдү. Бул катышуучулар Долбоордун кийинки этаптарына, анын ичинде 2014-жылдын жай мезгилинде өнөктөш бейөкмөт уюмду тандоо боюнча сынакты уюштуруу жана өткөрүү этаптарына да активдүү катышмакчы. Ошондо учурда эң курч турган социалдык көйгөйдү чечүү боюнча жергиликтүү тургундарга ылайыктуу болгон программаны сунуштаган бейөкмөт уюм тандалат.


Ар бир 12 пилоттук муниципалитеттин өзгөчөлүгүнө карабастан, жалпы "фаворittер"– социалдык мүнөздөгү көйгөйлөр аныкталды (1-диаграмманы караңыз).

Графиктен көрүнүп тургандай, спорт, мектепке чейинки тарбия, маалымат жана окуу борборлорун түзүү аркылуу улуу муунду жана жаштарды өнүктүрүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзүү эң көп талап кылынган социалдык маселелер болуп калды.

Эмесе, бардык 12 муниципалитет тең социалдык чөйрөдөгү өзгөчө курч турган көйгөйлөрдүн негизги тизмесин аныктап алышты (жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын түшүнүгүндө), конкреттүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча деталдуу керектөөлөр тууралуу максаттуу топтордун пикирлерин угуп чыгып, аларды жалпылаштырды. Бардык жерлерде техникалык тапшырмаларды иштеп чыгууга, долбоорду аткаруучуларды тандоо үчүн сынактарды уюштурууга, өткөрүүгө жана андан ары долбоордун аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө катыша турган жумушчу топтор түзүлдү.

Биригүү жана конструктивдүү талкуулар үчүн олуттуу стимул (дем) болуп артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн жергиликтүү жамаатка кошумча ресурстарды (каржыны) алып келиши мүмкүн болгон "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору" катышуу болуп эсептелет. 12 пилоттук ЖӨБда муниципалдык социалдык долбоорлорду каржылоо жана ишке ашыруу болжол менен 2014-жылдын соңунда башталат. **M**

***1-диаграмма. Артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөр (көйгөйлүү зоналар")[1]***




[1] ЭКБА жыйынтыктарын иштеп чыгуу жана аларды диаграмма түрүнө келтирүү үчүн артыкчылыктар жалпылаштырылып, "көйгөйлүү зоналарды" аныктоо үчүн кайра формулировкаланды.

# Муниципалитет социалдык тапшырык аркылуу ЭМНЕ аларын билет, ал эми бейөкмөт уюмдар аны КАНТИП ишке ашырса болорун билишет

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
Өнүктүрүү саясат институту

**2014-жылдын жаз мезгилинде буга чейин социалдык чөйрөдө жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын аныктоого катышкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерине жана активисттерине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына негизделген социалдык тапшырык процессин уюштуруунун жол-жоболору сунушталган. Бул Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" ("МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору") каржылаган "Муниципалдык социалдык тапшырыктын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү" Долбоорунун 12 пилоттук муниципалитетинде социалдык тапшырыкты жайылтуу боюнча жумушчу пландоо сессияларды учурунда жасалган.**

Сессиянын ишине ЖӨБнын аткаруу жана өкүлчүлүктүү органдарынын, демилгелүү топтордун (ДТ) жана бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдардын (БӨУ) 211 өкүлү, анын ичинде 100 аял катышты.

Муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырыкты ишке ашыруунун жол-жобосу менен таанышып чыккан соң, пилоттук муниципалитеттер БӨУ-аткаруучулар үчүн техникалык тапшырмаларга кошулуш керек болгон болочоктогу тапшырыктардын конкреттүү параметрлерин талкуулоого киришти. Бул параметрлер муниципалитеттердин социалдык тапшырыктан негизги күтүүлөрүн сүрөттөп, төмөнкү суроолорго жооп бериш керек: максаттуу аудитория кандай, БӨУ күчү менен кимдин көйгөйлөрү чечилет, алардын саны канчалык; бул жарандар кайда жашашат, алардын кайсы керектөөлөрү канааттандырылат? Бирок бул көйгөйлөр кантип чечилет деген суроого жоопту болочок сынактардын катышуучулары – бейөкмөт уюмдар жооп бериш керек.

Бардык пилоттук муниципалитеттерде калк бир катар көйгөйлөрдү атады. Алардын ичинен 5 өтө маанилүү көйгөй аныкталды. Ошентсе да тандалган беш артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү үчүн да жергиликтүү бюджеттин жана "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" каражаттары жетишсиз, анткени ар бир жамааттан артыкчылыктардын тизмесин үчкө чейин кыскартуу тууралуу чечим кабыл алынган. Бирок беш маанилүү маселенин ичинен үч негизгини кантип тандаса болот? Бул жерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаңылып алуу, калктын үмүтүн актай албай калуу тобокелдигине туш болот. Алар калктын көз карашы башкача болуп турган чакта биринчи кезекте өздөрү үчүн өзгөчө маанилүү маселени тандап алышы мүмкүн. Ошондуктан бул этапта отчеттуулук кепилдиги үчүн жарандардын үч артыкчылыктуу долбоорду тандап алууга катышуусу зарыл. Элеттик муниципалитеттердин шартында муну жарандардын чогулушу аркылуу уюштуруу эң туурасы болмок. Ошондуктан экинчи пландоо жолугушуунун тапшырмасы чогулуштарга даярдык көрүү болуп калды.

Ошондой эле жолугушуу учурунда социалдык тапшырыктын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталышы, бул механизмдин товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардан айырмасына өзгөчө көңүл бурулмакчы. Негизги айырма – сатып алуулар механизми муниципалитет көйгөйдү жана аны чечүү үчүн эмнени сатып алып, эмне жасаш керектигин так билгенде колдонулат. Мисалы, ЖӨБ органдары окуучулардын тамактануусу тууралуу маселени чечүү үчүн ошону сатып алыш керектигин так билет. Мындай учурда соцтапшырыкты колдонуу мүмкүн болбойт жана муниципалитет сатып алуулар жол-жобосун колдонот. Бирок ЖӨБ органдары жана жамаат үчүн белгисиз болгон бир катар көйгөйлөр бар, бул жерде жаңы чыгармачыл мамиле, буга чейин болбогондой чечимдерди издөө зарыл. Мындай учурларда муниципалитет БӨУ арасында сынак жарыялоо менен мыкты чечим сунуштагандарды издейт – мына ушул нерсе социалдык тапшырыктын формаларынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан социалдык тапшырык үчүн техникалык тапшырмада жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана товарлардын конкреттүү түрүнө көрсөтмөлөр болбош керек.

Бул шарт ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин ишин татаалдаштырды. Аларда калыптанып

**1-таблица. Эң көйгөйлүү үч артыкчылыктуу маселени тандоо үчүн коомдук талкууга алып чыккан беш артыкчылыктуу көйгөйдүн тематикасы**


| Максаттуу топтор: | Багыттар (көйгөйлөр) | Тандалып алынган артыкчылыктардын саны |
|---|---|---|
| Жаштар | ● Жаштардын бош убактысын өткөрүүсү үчүн шарттар жок.<br>● Психологиялык жана моралдык колдоо жок.<br>● Кошумча билим берүү жана маалымат алуу үчүн шарттар жок.<br>● Физикалык тарбия жана өнүгүү, сергек жашоо образы үчүн шарттар жок.<br>● Жаштар арасында тартип бузууларды болтурбоо боюнча иштер жүргүзүлбөйт.<br>● Маалыматка жеткиликтүүлүк жок, жаштар региондун жашоосуна тартылган эмес.<br>● Мамлекеттик тилди, чет тилдерин үйрөнүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. | 17 |
| Балдар жана өспүрүмдөр | ● Балдардын жана өспүрүмдөрдүн эс алуусу үчүн шарттар жокко эсе.<br>● Спорт менен кошумча алектенүү жана физикалык тарбия үчүн шарттар жок.<br>● Мектепке чейинки балдарга кошумча билим берүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес, коопсуздук камсыздалган эмес жана бош убакытты уюштуруу каралган эмес.<br>● Кошумча билим алуу үчүн шарттар түзүлгөн эмес. | 8 |
| Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | ● Кошумча билим берүү жана тарбия үчүн шарттар жок.<br>● Жамааттагы жашоого социалдык жактан көнүү үчүн шарттар жок.<br>● Эс алуу уюштурулган эмес.<br>● Психологиялык колдоо жок. | 10 |
| Жетим балдар жана толук эмес, аз камсыздалган үй-бүлөлөрдө өскөн балдар | ● Кошумча билим берүү үчүн шарттар жок.<br>● Балдардын укуктары корголгон эмес.<br>● Эс алууну, жайында бош убакытты өткөрүүгө мүмкүнчүлүк жок.<br>● Мектепке чейинки билим берүү жетимдүү эмес. | 5 |
| Экология | ● Экологиялык ченемдер сакталган эмес. | 3 |
| Кары адамдар | ● Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн кары-картаңдарга шарт түзүлгөн эмес.<br>● Бош убакытты уюштуруу үчүн шарттар түзүлгөн эмес. | 5 |
| Мектепке чейинки балдар | ● Аң-сезимди өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес.<br>● Мектепке даярдоо үчүн шарттар түзүлгөн эмес.<br>● Логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана физикалык өнүгүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. | 7 |
| Жалпы калк (маданият жана бош убакыт) | ● Жаштар арасында кыргыз маданиятын өнүктүрүү жана жайылтуу үчүн шарттар түзүлгөн эмес.<br>● Руханий өнүгүү үчүн шарттар жок.<br>● Бош убакытты уюштуруу үчүн шарттар түзүлгөн эмес. | 4 |
| Тоо-кен чөйрөсүндө иштегендер | ● Диагностика үчүн сапаттуу кызмат көрсөтүүлөр жок. | 1 |
| | Баары: | 60 |

калган көз караш боюнча, бийлик адамдарга караганда жамаатка эмне керек экенин жакшы билет. Айыл өкмөтүнүн жана мэриянын өкүлдөрү техникалык тапшырмаларга, мисалы, сейил бакта күүлөнчөктөрдү орнотуу же китепканага китептерди сатып алуу өңдүү жумуштардын конкреттүү түрлөрүн кошууга аракет жасашты. "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" консультанттары муниципалитеттерге сатып алуулар менен социалдык тапшырык ортосундагы айырманы түшүндүрүү үчүн бир топ убакытты жана күчтү сарпташты. Жарандык коом уюмдары бере алышы мүмкүн болгон товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө жасалган басым "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" катышуучуларын кайра-кайра адаштырып жатты: белгилүү бир темалар боюнча тренингди кошууга, мектепке чейинки билим берүү үчүн кошумча курстарды киргизүүгө аракеттер жасалды. Объекттерге инвестициялар, инфраструктуранын ремонту, курулушу муниципалитеттердин (жамааттардын да, башкаруу органдарынын да) көңүл чордонунда кала берүүдө. Маселенин ушундайча коюулушу Кыргыз Республикасынын аймагында грант алуучулар (бенефициарлар) менен донор уюмдар (долбоорлор) ортосундагы өз ара мамилелерде салттуу болуп калды. Ошону менен бирге бул салтты эки тарап тең түптөгөн, ал бейөкмөт уюмдарга өзүнүн чыгармачыл, жаратkыч дараметин ачууга, ал эми ЖӨБ органдарына эски көйгөйлөрдү чечүү үчүн жаңы ыкмаларды издөөгө тоскоолдук жаратып келатат.

Ошого карабастан кызуу талкууларга бир топ убакытты короткон соң муниципалитеттер беш артыкчылыктуу маселе боюнча мунаса таап, андан соң алардын ичинен эң маанилүү үчөөнү тандап алуу үчүн алар коомдук талкууга коюлду (1-таблицаны караңыз).

Бардык аракеттерге жана консультацияларга карабастан Өнүктүрүү саясат институтунун юристтери 60 техникалык тапшырманы сатып алуулардан социалдык тапшырыкка айландыруу үчүн алардын

***2-диаграмма. "МСТ боюнча GIZ/Фонд долборунун" колдоосунда ишке ашыруу үчүн жамааттар тандап алган социалдык тапшырыктардын темасы***




ар бири менен бир топ иштеп чыгууга туура келди. Натыйжада 2014-жылдын 27-мартынан 7-апрелине чейин "МСТ боюнча GIZ/Фонд долборунун" бардык 12 пилоттук муниципалитетинде үч алгачкы артыкчылыктуу маселени тандап алуу боюнча чогулуштар өттү; аларга 1228 адам, анын ичинде 426 аял катышты (2-таблицаны караңыз).

Чогулуш учурунда тургундар ЭКБА натыйжаларын билип, анын натыйжасы боюнча аныкталган социалдык мүнөздөгү эң артыкчылыктуу беш маселенин сүрөттөлүшүн уга алышты. Андан соң ачык добуш берүүнүн жолу менен өзгөчө артыкчылыктуу үч техникалык тапшырманы тандап алышты. Анын бири донор (Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду") менен Долбоордун критерийлерине шайкештик предметине карата макулдашылгандан кийин БӨУ үчүн сынакка ЖӨБ органдары тарабынан коюлат.

12 пилоттук муниципалитет ишке ашырууну пландап жаткан болочок социалдык тапшырыктардын тематикалык лидерлери болуп төмөнкү маселелер табылды: мектепке чейинки билим берүү, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды реабилитациялоо жана социалдаштыруу, спортту жана физикалык маданиятты өнүктүрүү (2-диаграмманы караңыз).

Бардык 12 пилоттун ЖӨБ органдары жоопту этапка – сынактарды уюштурууга жана өткөрүүгө жетишти. Бул жерде муниципалдык кызматчыларга МСТ негиздери, тапшырыкты ишке ашыруунун тартиби тууралуу Долбоордун алкагында алынган билимдер керек болот. Сынактын ыктымал катышуучулары үчүн Долбоор социалдык программалар сынагына катышууга КР мыйзамдарынын талаптарынын негиздери, долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча тренингдерди уюштурат жана өткөрөт. Ошондой эле ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жана жарандык активдүүлүктү көрсөткөн "тематикалык топтордун" мүчөлөрү үчүн жалпысынан кызмат көрсөтүүлөрдү да, долбоорлордун өздөрүн да баалоонун жана мониторинг жүргүзүүнүн негиздерине окутуу уюштурулат. Ал кандай долбоорлор экенин "Муниципалитет" журналынын окурмандары кийинки атайын чыгарылыштан биле алышат. M

**2-таблица. Эң маанилүү үч артыкчылыктуу көйгөйдү тандоо боюнча чогулуштар тууралуу маалыматтар**

| | Муниципалитет | Чогулуш өткөн күн | Катышуучулардын саны | Анын ичинде аялдар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Көл | 09.04.2014 | 75 | 51 |
| 2 | Өмүралиев | 11.04.2014 | 64 | 27 |
| 3 | Көк-Ой | 10.04.2014 | 127 | 71 |
| 4 | Сүлүктү | 10.04.2014 | 203 | 118 |
| 5 | Тогуз-Булак | 07.04.2014 | 70 | 38 |
| 6 | Сумбула | 11.04.2014 | 79 | 39 |
| 7 | Катран | 09.04.2014 | 117 | 40 |
| 8 | Каныш-Кыя | 10.04.2014 | 54 | 25 |
| 9 | Терек-Сай | 10.04.2014 | 80 | 44 |
| 10 | Таш-Көмүр | 10.04.2014 | 223 | 97 |
| 11 | Каргалык | 15.04.2014 | 87 | 61 |
| 12 | Чаткал | 10.04.2014 | 49 | 32 |
| | БААРЫ | | 1228 | 426 |

# ЖӨБ органдарынын жарандык коом уюмдары (ЖКО же БӨУ) менен кызматташтыгынын деңгээли жогору болуш керек

**Надежда Добрецова,**
**Айнура Жунушалиева,**
Өнүктүрүү саясат институту

**Муниципалдык социалдык тапшырыкты ишке ашырууда өзөктүү ролду бейөкмөт уюмдар (БӨУ)[1] ойнойт . Алар башкаруу органдарына актуалдуу социалдык көйгөйлөрдү чечүү жолдорун сунуштап, аларды чечүү үчүн сынактык негизде гранттарды утуп алуу менен тапшырыктын аткаруучусу болуп калышат. Муниципалдык социалдык тапшырык механизми жамаатта ишке ашыш үчүн ЖӨБ органдары бейөкмөт уюмга социалдык долбоорду ишке ашырууну ишенип берүүгө даяр болуш керек: көйгөйдү чечүү жолдорун тандоо жана долбоорду аткарууга жергиликтүү бюджеттен акчаны ишенип бериш керек. Экинчи жагынан жамаатта сапаттуу долбоордук сунуштарды жана сынак өткөрүүдө атаандаштыкты камсыздай ала тургандай санда жетиштүү БӨУ иш алып барыш керек. БӨУ өздөрү да жергиликтүү маанидеги маселелерди алардын социалдык контекстинде чечүүгө кызыкдар болушу шарт. Башкача айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бейөкмөт уюмдардын ортосунда ишенимдин жана кызматташтыктын белгилүү бир деңгээли болуш керек. Бул деңгээлди баалоо үчүн, ошондой эле ал "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" таасири менен канчалык өзгөргөнүн түшүнүү үчүн пилоттук муниципалитеттер жарандардын демилгелүү топтору арасында сурамжылоо жүргүзүштү. Анын натыйжаларын төмөн жактан таба аласыз. Бул азырынча биринчи гана кадам. Пилоттук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муниципалдык социалдык тапшырыктын алкагында долбоорлор ишке ашырылгандан кийин өзгөрүүлөрдү көрүүгө жол бере турган сурамжылоонун экинчи айлампасы өткөрүлөт.**

2014-жылдын март айында 11 пилоттук муниципалитетте 196 адам – ЖӨБ органдарынын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, студенттер жана окуучулар, бизнес өкүлдөрү, үй кожоюндары сурамжылоого катышты. Анын жыйынтыктары төмөндө көрсөтүлгөн бир катар тыянактарды жасоого жардам берди. Андан ары кеңири маалымат берилет, ошолордун негизинде ушул тыянактар жасалган.

- Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерге кызыгуусу жогору.
- “Бюджетчилерди” жана БӨҮ өкүлдөрүн кошпогондо, калктын жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон ишеними жалпысынан жогору.
- БӨУ жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдары жарандык коомго жетиштүү деңгээлде кулак төшөбөйт, ал эми алардын максаттары жана баалуулуктары дайыма эле жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрүнө дал келе бербейт деп эсептешет.
- ЖӨБ органдары бейөкмөт уюмдардын ресурстарды издөө иштерин чын көңүлдөн колдойт, бирок долбоор башталганда эле ЖӨБ жетекчилери ага чындап катышууга көңүлү болбой калат.
- Жарандардын көпчүлүк бөлүгү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ЖӨБ органдары ишке ашырат деп эсептешет. Анткен менен сурамжылоого катышкандардын үчтөн бир бөлүгү бейөкмөт уюмдар социалдык аярлуу топторду колдоого алып, демографиялык жана гендердик маселелерди чечет деген ишенимде. Кызмат көрсөтүүлөргө канааттануунун деңгээли түздөн-түз анын провайдеринен көз каранды болгону азырынча аныктала элек.

[1] БӨУну дагы ЖКУ – жарандык коом уюмдары деп да атап коюшат. Анткен менен Кыргызстанда “бейөкмөт уюмдар” деген аталыш кеңири жайылган.

- Муниципалдык социалдык тапшырыктын артыкчылыктарын толук өлчөмдө колдонуу үчүн ЖӨБ органдары бул механизмди жакшылап изилдеп чыгыш керек. Ал эми БӨУ калктын керектөөлөрүн канааттандыра алган сапатта жана санда кызматтарды көрсөтүүгө жөндөмдүү болгонун далилдей алышы зарыл.


## Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерге кызыгуусу жогору

Анткени БӨУ – бул маңызы боюнча коомдук уюм, мында коом ЖӨБ органдарынын мааниси жана иши өңдүү маселелер канчалык кызыктырарын түшүнүү маанилүү. Сурамжылоо аныктагандай, жарандардын басымдуу бөлүгү – жалпысынан 93 пайызы – ЖӨБга жогорку деңгээлде кызыгышат. Азыраак кызыгууну – болгону 80 пайызы – бизнес көрсөтөт. Бул күтүлгөн натыйжа, анткени ишкердин коомдук маселелер менен алектенүүгө убактысы жок. Ошол эле кезде бейөкмөт уюмдардын жергиликтүү маанидеги маселелерге карата кызыгуусунун деңгээли салыштырмалуу төмөн болгону күтүүсүз натыйжа болду (1-диаграмманы караңыз). Балким БӨУ өз ишмердигинин көптөгөн чөйрөсү бир эле учурда жергиликтүү маанидеги маселелер болгонун түшүнбөйт, бул болсо алардын башкаруу маселелеринде компетенттүү болбогонунан кабар берет. Же болбосо алар жамааттын жашоосуна тиешеси болбогон башка бир иштер менен алектенишүүдө. Бирок мындайды элестетүү да кыйын. Баамыбызда, алар башкаруу системасын жана башкаруу органдары ортосундагы жоопкерчиликтин бөлүштүрүлүшүн жакшы түшүнбөй жаткан болушу мүмкүн. Мисалы, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар менен иш алып барган бейөкмөт уюм бул максаттуу топтун жашоо шарты көп учурда ЖӨБ органдарынын ишинен көз каранды болгонун жана жергиликтүү маанидеги маселе болуп эсептелерин түшүнбөшү мүмкүн. Жергиликтүү маанидеги маселелерге карата кызыгуунун эң төмөнкү деңгээли 20дан 30 жашка чейинки жаштар арасында аныкталганы көңүлдү бурдурат. Эгерде башка курактык топтордун бардыгында жергиликтүү маанидеги иштерге кызыккан респонденттердин саны 90 пайыздан ашса, жаштар арасында бул көрсөткүч 83 пайызды гана түзгөн.

Жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандар арасында эң жогорку ишенимге ээ. Улуттук статистикалык комитет[1] жарандардын мамлекетке карата жеке ишениминин жыл сайын эсептеп чыккан индекси жарандар жылдан жылга өлкөдөгү башкаруу системасынын дээрлик барлык бөлүктөрүнө караганда, жергиликтүү өз алдынча башкарууга көбүрөөк ишеним берип жатканын далилдөөдө (2-диаграмманы караңыз). Айталы, 2013-жылдын натыйжасы боюнча, жарандардын жеке ишеним рейтингинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КР Билим берүү жана илим министрлигинен кийинки эле экинчи тепкичке чыккан. Салыштыруу үчүн – көзөмөлдөөчү жана күч органдары терс маанилеш рейтингде орун алышкан.


Жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандар арасында эң жогорку ишенимге ээ. Улуттук статистикалык комитет жарандардын мамлекетке карата жеке ишениминин жыл сайын эсептеп чыккан индекси жарандар жылдан жылга өлкөдөгү башкаруу системасынын дээрлик барлык бөлүктөрүнө караганда, жергиликтүү өз алдынча башкарууга көбүрөөк ишеним берип жатканын далилдөөдө (2-диаграмманы караңыз). Айталы, 2013-жылдын натыйжасы боюнча, жарандардын жеке ишеним рейтингинде жергиликтүү өз алдын-

***1-диаграмма. Социалдык топтордун тилигинде жергиликтүү маанидеги маселелерге кызыгуу***




[1] http://stat.kg/images/stories/docs/tematika/living/2013/Index%20dover%20VI.%202013.pdf дареги боюнча жайгашкан

***2-диаграмма. Жарандардын мамлекетке жеке ишениминин рейтинги***




ча башкаруу органдары КР Билим берүү жана илим министрлигинен кийинки эле экинчи тепкичке чыккан. Салыштыруу үчүн – көзөмөлдөөчү жана күч органдары терс маанилеш рейтингде орун алышкан.


"МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжалары Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарын тастыктап жатат: жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишеним деңгээли өтө жогору, орточо эсеп менен 11 пилоттук муниципалитет[1] боюнча 93 пайызды түзөт. Ишенимдин жогорку жалпы деңгээлин эсепке алганда кайсы социалдык топтор ЖӨБ органдарына башкаларга караганда азыраак ишене турганын карап көргөн кызыктуу болмок. 3-диаграммада көрүнүп тургандай, жаштыгынан улам студенттер жана окуучулар ЖӨБ органдарына толугу менен, 100 пайызга ишенишет. Ал эми “бюджетчилер” – мугалимдер, дарыгерлер, кызматчылар эң сынчыл деп табылган. Алардын ичинен дээрлик жарымы – 46 пайызы – ЖӨБга көп ишенбейт же такыр эле ишенбейт. Ошондой эле БӨУ өкүлдөрүнүн дээрлик жарымы ЖӨБга көп ишене бербейт же такыр эле ишенбейт.

## БӨУ ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандык коомду көп жакшы укпайт, ал эми алардын максаттары жана баалуулуктары дайыма эле жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө шайкеш келе бербейт деп эсептейт

ЖӨБ органдары жана жарандык коом уюмдары коомдук маанидеги маселени чечүүдө бири-бирине канчалык кулак саларын түшүнүү үчүн (4-диаграмманы караңыз) БӨУ менен ЖӨБ ортосунда бири-бирин кабылдоодо айырманы карап көрүү максатка ылайыктуу болмок (5-диаграмманы караңыз). Ал эми айырма бар: айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү менен жергиликтүү кеңештин депутаттары БӨУ менен баарлашуунун деңгээлин көбүрөөк оптимисттик маанайда баалайт – алардын ичинен 66 жана


[1] Техникалык себептерден улам Кара-Көл шаарында жүргүзүлгөн сурамжылоо бул серепке кошулбай калды.

*3-диаграмма. ЖӨБ органдарына көп ишенбеген же такыр эле ишенбеген респонденттердин үлүшү*




58 пайызы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө бейөкмөт уюмдарды толугу менен угабыз деп эсептешет. Бирок БӨУ өкүлдөрүнүн 27 пайызы гана ЖӨБ органдары тарабынан кырдаалга берилген баага макул. Башкача айтканда, жарандык сектордогу кесиптештерине салыштырмалуу ЖӨБнын өкүлдөрүнүн эки эседен ашууну БӨУ менен ЖӨБ толугу менен бири-бирин угат деп эсептейт. Кызматташууну кабылдоодо бул айырма ЖӨБ органдары жарандык коом уюмдарынын күтүүлөрүнө толук шайкеш келбегенинен кабар берет. Бул жагынан алганда "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору" социалдык тапшырык механизмин жайылтуу аркылуу кырдаалга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

*4-диаграмма. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ менен БӨУ канчалык жакшы бири-бирин угары тууралуу пикир*




ЖӨБ жана БӨУ тарабынан кырдаалга карата айырма тараптардын ЖӨБ органдарынын максаттары жана баалуулуктары жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө канчалык дал келерин баалоодо сакталарын байкабай коюуга болбойт (5-диаграмманы караңыз). Сурамжылоого катышкан БӨУ өкүлдөрүнүн үчтөн бир бөлүгү гана ЖӨБ жамааттын керектөөлөрүнө багытталганына макул. Бул ЖӨБ органдарынын калк алдындагы чабал отчеттуулугун тастыкташы мүмкүн, бирок ошондой эле БӨУ ЖӨБнын ишинен начар кабардар болгонун да ырастай алат. Жалпысынан жарандардын жарымынан көбү жергиликтүү өз алдынча башкаруу алардын кызыкчылыгында иш алып барарын сезет, үчтөн бирге жакыны буга жарым-жартылай ишенет (6-диаграмманы караңыз).

## ЖӨБ органдары бейөкмөт уюмдардын ресурстарды издөө иштерин кош колдоп колдойт, бирок долбоор башталганда эле ЖӨБ жетекчилери ага чындап катышууга көңүлү болбой калат

Сурамжылоонун катышуучуларына он баллдык шкала менен ЖӨБ органдарынын жарандык коом уюмдары – БӨУ менен кызматташтыгынын деңгээлин баалоо сунушталды. Ошону менен катар респонденттерге бул кызматташтыктын түрдүү формалары сунушталган (7-диаграмманы караңыз). Өзгөчө жогору – 7,6 балл деп – ЖӨБ органдарынын БӨУнун демилгелерди ишке ашыруу үчүн ресурстарды издөөсүн колдоо аракети бааланган. Мында таң каларлык эч нерсе жок. Айыл өкмөтү чындап эле ЖӨБ долбоорун колдогон каттарга чын көңүлү менен кол коюп берет. Экинчи орунга – 7,5 балл – ЖӨБ органдарынын өз ишмердүүлүгү тууралуу отчет берүү адаты чыккан. Демек БӨУ өкүлдөрү ЖӨБ органдарынын жарандык коом менен эч кандай аракетти же жаңычылдыкты киргизүүнү талап кылбаган кызматташтыгына багыт-

***5-диаграмма. ЖӨБнын БӨУ менен өз ара аракеттешүүсү жана ЖӨБ максаттарынын жамааттын керектөөлөрүнө шайкештиги***





талган аракеттерин аздыр-көптүр жогору баалашкан. БӨУ менен түздөн-түз байланышты орнотууда ЖӨБ органдарынын аракеттери олуттуу деңгээлде төмөн бааланган (чечим кабыл алууда консультациялар үчүн БӨУну чанда гана чакырышат, демилгелерди ишке ашырууга аз колдоо көрсөтүшөт). Жоопторду салыштыра келгенде мындай факт аныкталды: ЖӨБ органдары бейөкмөт уюмдардын ресурстарды издөө иштерин чын көңүлүнөн колдойт, бирок долбоор башталганда эле ага чындап катышууга көңүлү болбой калат. Жалпысынан сурамжылоого катышкан топтордун баары ЖӨБ менен БӨУ кызматташтыгына мүмкүн болгон 10 баллдын ичинен 6,4 баллды ыйгарышкан. Бул кызматташуунун өтө жогорку деңгээли эмес жана "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" натыйжасы боюнча бул кызматташтыктын деңгээлинин өсүшүн көрүү абдан маанилүү болот.


**Жарандардын көпчүлүк бөлүгү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ЖӨБ органдары ишке ашырат деп эсептешет. Анткен менен сурамжылоого катышкандардын үчтөн бир бөлүгү бейөкмөт уюмдар социалдык аярлуу топторду колдоого алып, демографиялык жана гендердик маселелерди чечет деген ишенимде. Кызмат көрсөтүүлөргө канааттануунун деңгээли түздөн-түз анын провайдеринен көз каранды болгону азырынча аныктала элек.**

Изилдөөнүн жыйынтыктоочу бөлүгү кызмат көрсөтүүлөргө арналган. Кайсы кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө муниципалдык социалдык тапшырык механизми өзгөчө пайдалуу болорун түшүнүү өтө маанилүү. Кырдаалды түшүндүрүү үчүн сурамжылоонун катышуучуларына кайсы кызмат көрсөтүүлөр аларды канааттандырарын, кайсылары болсо талаптарына жооп бербей турганын аныктоо, ошондой эле бул кызмат көрсөтүүлөрдү кимдер ишке ашырарын чечип алуу сунушталды. Ошону менен катар эң кызыктуу бөлүгү – бул кызматтарды ким көрсөтөрүнө жараша ага болгон канааттануунун көз карандуулугун аныктоо.

***6-диаграмма. ЖӨБ органдарынын максаттары жана баалуулуктары жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө канчалык дал келери тууралуу пикир***



***7-диаграмма. ЖӨБ органдары жамааттын керектөөлөрүнө кантип жооп берери тууралуу пикир, он балддык шкала боюнча баллдар***




**1-таблица. Кызматты ким көрсөтөрү жана ага карата канааттануу тууралуу пикирлер**

| Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү | Кандырат | Жарым-жартылай канааттандырат | Толугу менен же жарым-жартылай канааттандырат | Канбайт | ЖӨБ | БӨУ | Башка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүү, илим, маалымат, физикалык маданият жана спорт жаатында максаттарга жетүү | 44% | 38% | 82% | 8% | 56% | 15% | 29% |
| Жарандардын саламаттыгын сактоо, сергек жашоого үндөө | 20% | 50% | 70% | 18% | 49% | 20% | 31% |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 22% | 44% | 66% | 17% | 63% | 18% | 19% |
| Жаштар саясатын жана балдар демилгелерин колдоо | 26% | 43% | 69% | 16% | 55% | 30% | 15% |
| Демография көйгөйлөрүн чечүү | 16% | 34% | 50% | 16% | 48% | 26% | 26% |
| Гендердик маселелерди чечүү | 16% | 42% | 58% | 18% | 53% | 26% | 21% |
| Калктын социалдык жактан аярлуу катмарларын колдоо | 33% | 40% | 73% | 10% | 55% | 28% | 17% |
| Жетим балдарга, толук эмес жана көп балалуу үй-бүлөдө өскөн балдарга жардам | 33% | 42% | 75% | 12% | 57% | 24% | 19% |
| Жарандарды ишке орноштурууга көмөктөшүү | 18% | 35% | 53% | 25% | 52% | 21% | 27% |
| Жарандардын жана уюмдардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо | 23% | 38% | 61% | 18% | 53% | 21% | 26% |
| Маданиятты жана искусствону өнүктүрүү | 24% | 47% | 71% | 15% | 60% | 15% | 25% |
| Тарыхый-маданий мурастарды коргоо | 21% | 37% | 58% | 20% | 57% | 17% | 27% |
| Коомдук ынтымакты бекемдөө | 30% | 42% | 72% | 11% | 59% | 21% | 20% |

Жалпысынан социалдык жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, жарандардын баамында, ЖӨБ органдары жүзөгө ашырары аныкталды – мындай деп сурамжылоого катышкандардын 55 пайызы эсептейт (8-диаграмманы караңыз). Анткен менен кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүнө жараша кырдаал олуттуу өзгөрүүдө. Мисалы, сурамжылоого катышкандардын үчтөн бир бөлүгүнө жакыны бир катар кызмат көрсөтүүлөрдү бейөкмөт уюмдар аткарат деп эсептешет: социалдык аярлуу топторду колдоо, демографиялык маселелерди чечүү, жаштарды жана балдарды колдоо, гендердик маселелерди чечүү.

Ошону менен катар канааттануу деңгээли менен кызматтарды ким көрсөтүп жаткандын ортосундагы


байланышка жасалган анализ түз көз карандуулукту аныктай алган жок (10-диаграмманы караңыз). Ошентсе да айрым бир мыйзам ченемдүүлүктү көрүүгө болот. 10-диаграмма ЖӨБ органдары ишке ашырган кызмат көрсөтүүлөргө канааттануу жогору болгон учурлар бар экенин көрсөтүүдө (айлана-чөйрөнү коргоону кошпогондо).

### Муниципалдык социалдык тапшырыктын артыкчылыктарын толук өлчөмдө колдонуу үчүн ЖӨБ органдары бул механизмди жакшылап изилдеп чыгыш керек. Ал эми БӨУ калктын керектөөлөрүн канааттандыра алган сапатта жана санда кызматтарды көрсөтүүгө жөндөмдүү болгонун далилдей алышы зарыл.

ЖӨБ органдары даяр жолун билбеген чөйрөдөгү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бөлүгүн бейөкмөт уюмдарга өткөрүп берүү "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоорунун" маанилүү жыйынтыгы болуп калат. Ошондуктан жарандардын алар бейөкмөт уюмдарына ошол тапшырмаларды аткарууну ишенип берүүгө даярбы деген пикирин билүү изилдөөчүлөргө маанилүү болду. БӨУ азыр десе азыр эле ишти баштаганга даяр турганы аныкталды – мындай деп сурамжылоого катышкан БӨУ өкүлдөрүнүн 90 пайыздан ашыгы эсептейт. Ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттары жана ишкерлер да кызматташтыкка даяр. Ал эми үй кожоюндары жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери арасында оптимисттердин үлүшү эки эсе аз (11-диаграмманы караңыз).

11-диаграммага жасалган анализ "МСТ боюнча GIZ/Фонд долбоору" ЖӨБ органдары менен БӨУ

***8-диаграмма. Жалпысынан айрым социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ким аткарары тууралуу пикир (кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси 9-диаграммада көрсөтүлгөн)***





ортосундагы ишенимди жогорулатуу жаатында дагы көп ишти жасашы керектигин көрсөтүп турат. ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана жетекчилери социалдык тапшырык механизмин жана анын артыкчылыктарын жакшылап изилдеп чыгыш керек. Ал эми БӨУ социалдык тапшырык тууралуу мыйзамдын тизмесине кирген социалдык кызматтарды көрсөтүүгө зарыл болгон мүмкүнчүлүгү жана чоң каалоосу бар болгонун; жана калктын керектөөлөрүн канааттандыра алган сапатта жана санда ишке ашырууга жөндөмдүү болгонун далилдей алышы зарыл. **M**

***9-диаграмма. Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча айрым социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ким ишке ашырары тууралуу пикир***



***10-диаграмма. ЖӨБ органдары ишке ашырган кызмат көрсөтүүлөргө канааттануу деңгээли***




***11-диаграмма. Бейөкмөт уюмдарына социалдык кызматтарды көрсөтүүнү ишенип берсе болобу дегенге карата пикирлер***





# Социалдык тапшырык жөнүндө жарыялоолордун тизмеси

Тилекке каршы Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө муниципалдык деңгээлде социалдык тапшырыкты колдонуу практикасын сүрөттөгөн адабияттар өтө аз. Орус тилинде андан да аз болсо, кыргыз тилинде жокко эсе десе да болот. Анткен менен "муниципалдык социалдык тапшырык" деген эмне экенин жана аны Кыргызстандын жамааттарында социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн кантип колдонсо болорун билүүнү каалагандар үчүн "Муниципалитет" журналы бир нече жарыялоолорду сунуштай алат.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде социалдык тапшырык механизмдерин түзүү: усулдук аспекттер** // «Ассоциация развития громад» ЖЧЧК. – Харьков, 2009.

**Постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө социалдык тапшырык.** Постсоветтик өлкөлөрдө социалдык тапшырык механизмдерин жайылтуу маселелери боюнча эксперттердин Эл аралык жолугушуусунун жыйынтыктары боюнча аналитикалык жана ченемдик материалдардын жыйындысы. Одесса, 2013-жылдын 25-26-ноябры / А.С. Крупниктин редакциясы алдында. – Одесса: «Евродрук» ЖИ, 2013. – 216 бет. http://www.dpi.kg/ru/projects/full/59.html сайтынан таба аласыз.

**Кыргызстанда мамлекеттик социалдык тапшырыкка анализ жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштар.** – Бишкек, 2013. Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ агенттиги (USAID) каржылаган, Биргелешип башкаруу боюнча программанын алкагында Коммерциялык эмес укуктун эл аралык борбору (ICNL) тарабынан даярдалды.http://www.dpi.kg/ru/projects/full/59.html сайтынан таба аласыз.

**Социалдык долбоорлоо жана бийликтин ачык-айкындуулугу. Теория жана практика.** Усулдук жыйнак / Н.Л. Хананишвилинин жалпы ред. алдында. М.: Кайрымдуулук уюмдардын улуттук ассоциациясы, 2008.

**Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо (ЭКБА) – жарандар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыныгы өнөктөштүгүнө карай алгачкы кадам** / "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору Швейцария Өкмөтү менен Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлик менен өнөктөштүктө каржыланат. Долбоорду Өнүктүрүү саясат институту аткарат. – Б., 2014. http://vap.kg/upload/file/PRA_RUS.PDF сайтынан таба аласыз.